# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ИЮЛЬ **2014** | **№7 (32) чыгарылышы**

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021,
Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

## Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

### Каржылык жана муниципалдык сабаттуулук

Каржылык жактан сабатсыз жана билимсиз улуттун келечеги жок ............ 2
“Жаштардын каржылык сабаттуулугу – өлкө ийгилигинин фактору” долбоору ............ 7
Фин-Билим-Сити муниципалитети боюнча жол көрсөткүч (катышуучунун китепчеси) (үзүндүлөр) ............ 10
Фин-Билим-Сити муниципалитети же окуучулардын каржылык жана жарандык сабаттуулугун жогорулатуунун инновациялык механизми ............ 13
Фин-Билим-Сити муниципалитети мага эмне берди? “Фин-Билим-Сити муниципалитети” жайкы лагеринин катышуучуларынан 10 мыкты дил баян ............ 16
Мындан ары эмне болот? Каржылык жана муниципалдык сабаттуулук боюнча мектеп демилгелерин улантуу жана Фин-Билим-Сити муниципалитетинин жаңы нөөмөтү ............ 27

### “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун жаңылыктары

Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын элчиси Чүй облусунун Ивановка айылдык аймагында болду ............ 30
ЭҮЖӨБОЖ долбоору жаңы пилоттук муниципалитеттер менен тыгыз кызматташа баштады ............ 30
Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын жыйырма алты муниципалитети грант катары 1 миллион сомдон алышат ............ 31
Айыл өкмөттүн адистерин мамлекеттик сатып алуулар боюнча окутуунун жыйынтыктары чыгарылды ............ 32
Жалал-Абад облусундагы төрт элеттик муниципалитет Швейцария элчилигинен трактор сатып алууга сертификаттарды алышты ............ 33
Системасыз тренингдерге жол жок, жашасын квалификацияны системалык жогорулатуу! ............ 34
Муниципалдык сайттар менен иш алып баруу боюнча көрсөтмө берүүчү семинар ............ 36





Фотосүрөттүн автору Асыл Осмоналиева, http://centralasiaonline.com

# Каржылык жактан сабатсыз жана билимсиз улуттун келечеги жок

**Надежда ДОБРЕЦОВА**

Заманбап жаранга ийгиликтүү жана бакубат жашоо үчүн юридикалык, жарандык жана коомдук контексттен алганда укуктарды жана милдеттерди билүү гана жетишсиз. Ийгиликке жетүү үчүн балакат кезинен эле керектөөчүлүк жүрүм-турумдун жана жеке каржы чөйрөсүндө өзөктүк компетенциянын негиздери боюнча баштапкы билимге ээ болуу зарыл:

- жеке акча каражаттарын сактоо;
- банк жана микрокаржылык секторду өздөштүрүү;
- камсыздандыруу, анын ичинде мүлктү, ден соолукту жана жоопкерчиликти камсыздандыруу;
- билим алуу үчүн акча топтоо;
- коопсуз инвестициялоо;
- салыктык тартип жана жарандык жоопкерчилик;
- каржылык тобокелчиликтер;
- жеке каражатты башкарууда башка актуалдуу маселелер.


Жогоруда аталган билимдин жана компетенциянын жоктугу Кыргыз Республикасынын жаштары өз байгерчилигин жакшыртуунун көптөгөн мүмкүнчүлүктөрүнөн ажырашына; ишенимсиз заемчулардын, ак ниетсиз салык төлөөчүлөрдүн, каржылык жактан жоопкерчиликсиз ата-энелердин катарын толукташына алып келет. Кыргыз Республикасындагы жаштардын көбү өз жашоосун олуттуу каржылык тобокелчиликтерге кептеп, жакшы билим алууга жөндөмсүз болуп, оорудан, карылыктан, күтүлбөгөн жагдайлардан өзүн жана болочоктогу балдарын каржылык жактан коргой албайт. Социалдык коргоо системасы ишке жарамдуу калкты коргой албай калган мамлекетке карата патерналисттик мамиле сакталып калууда.


Ал арада узак жана бакубат жашоо үчүн каржылык билим ар бир адамга зарыл жана бул билим бала чактан эле берилиш керек (1-сүрөттү караңыз). Логикалык ой жүгүртүүнүн, окуу жана жазуу көндүмдөрүн алуу менен адам коомдун мүчөсү болуп, өзүнүн социалдык байланыштарын курат. Узак убакыт бою биз жашоодогу ийгилик көп учурда социалдык байланыштар менен камсыздалат деп эсептеп келгенбиз. Бирок бардык мезгилде адамдын ийгилигинин кепилдиги болуп экономикалык байланыштар да кала берген,

болгону бул нерсе дайыма эле ачык айтылчу эмес. Ал арада экономика тууралуу билим жана анын пайдубалы болгон каржы болмоюнча натыйжалуу экономикалык байланыштарды түзүү мүмкүн эмес. Бүгүнкү күндө каржылык сабаттуулук – бул тандалган адамдардын маңдайына жазганы эмес, бул ар бир адамга зарыл болгон муктаждык. Дал ушул каржылык билим көп учурда бала келечекте канчалык деңгээлде жеке каржылык коопсуздукка, жеке байгерчиликке жете алаарын; өзүнө өзү ишенип, алдына максат коюп, ага жете алаарын; сатып алуучулук жөндөмдүүлүктү сактап калуу менен акыл-эстүү керектөөнү үйрөнөрүн; инвестициялык жактан активдүү, каржылык жактан көз карандысыз болорун аныктайт. Мындай адам мүмкүн болушунча социалдык жана экономикалык жашоого тартылган, мындай адамдардан ийгиликтүү улут жана туруктуу мамлекет түптөлөт. Ушундан улам каржы тууралуу көндүмдөр жана билим адамга бала чагында эле бериле башташ керек.

Мындан тышкары дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, каржылык сабаттуулук социалдык туруктуулуктун жана экономикалык өсүштүн маанилүү факторлорунун бири болуп калды (2-сүрөттү караңыз). Атүгүл G20 өлкөлөрүнүн лидерлери каржылык сабатсыздык адамдын фундаменталдык укуктары таанылган өлкөлөрдөгү бардык улуттук өкмөттөрдүн артыкчылыктуу көйгөйүнө айланганын моюнга алышууда. Каржылык сабаттуулук күндөн күнгө өнүгүүнүн жана коомдун социалдык туруктуулугуна жана өнүгүүсүнө жетүүнүн маанилүү факторуна айланууда. Экономикага карата каржылык сабаттуулуктун деңгээлинин таасири талашсыз. Каржылык жактан сабатуу адам же үй-бүлө жеке жана коомдук ресурстарды үнөмдүү пайдаланганды билет; мындай адамдар сууну жана бак-дарактарды да сактайт. Алар мамлекеттик же жергиликтүү бюджеттер болобу, айтор бийликтен бюджеттик каражаттарды үнөмдүү жана натыйжалуу пайдаланууну талап кылууга жөндөмдүү. Мындай адамдар бизнестин өнүгүүсүн колдойт, өздөрү да ишкерчилик менен ийгиликтүү алектенет, каржы базарларынын активдүү катышуучулары болушат, анын ичинде жоопту заемчу болуу менен каржылык системанын туруктуулугун камсыздашат..

Мындан тышкары каржылык жана экономикалык жактан сабаттуу калк автоматтык түрдө өз укуктарын билип, юридикалык жактан сабаттуу болуп, мамлекетти ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүгө жана мыйзам үстөмдүгүн камсыздоого түртөт (3-сүрөттү караңыз). Акчасы бар, каржылык эркиндикти сезген адам өзүн өзү коргой алат, өз укуктарына кызыгат, өз коопсуздугуна жана саламаттыгына кам көрөт. Бири бирине таасир тийгизүү менен бул факторлор улуттун психикалык жана физикалык саламаттыгынын жакшыруусуна жана анын байгерчилигинин өсүшүнө алып келет. Өз саламаттыгына жана мүлкүнө кам көргөн, каржы жагынан эркин адамдар Кыргыз Республикасына жетишпей турат. Алардын жоктугу же критикалык массанын жетишсиздиги коррупциянын кулач жайышына, кылмыштуулуктун жогорку деңгээлине, калктын бийликке карата ишенбөөчүлүгүнүн өсүшүнө алып келет. Каржылык жактан сабатсыз жарандар мамлекеттик каражаттардын сарпталышынын “тазалыгын” жана натыйжалуулугун көзөмөлдөөгө жөндөмсүз, шектенүүгө жана агрессияга жакын. Ошол эле кезде мамлекет жана айрым аткаминерлер



**1-сүрөт. Каржылык жана экономикалык сабаттуулуктун өсүшү адамга кандай таасирин тийгизет?**

**2-сүрөт. Каржылык жана экономикалык сабаттуулуктун өсүшү экономикага кандай таасирин тийгизет?**




жарандардын каржылык сабатсыздыгын колдонуу менен мамлекеттик каражатты өзү каалагандай жана өз максатына ылайык сарптап, коррупцияга жол берип, мамлекетти жана жалпысынан өлкөнү алсыздандырышат. Башкача айтканда коомдо каржылык жактан сабаттуу жана эркин, өз укуктарын билген, өзүн жана үй-бүлөсүн ар кандай жамандыктан коргоого аракеттенген, мамлекеттен мыйзамды сактоону жана демократияны коргоону талап кылууга жөндөмдүү жарандардын калың катмары пайда болмоюн, демократия жана коомдун социалдык туруктуулугу мүмкүн эмес.

Каржылык сабаттуулук менен социалдык туруктуулук деңгээли ортосундагы байланыш, ошондой эле каржылык сабаттуулуктун экономиканын өсүшүнө таасири Кыргыз Республикасында 2011-2012-жылдары Өнүктүрүү саясат институтунун күчү менен өткөрүлгөн эки эл аралык конференциянын жүрүшүндө тастыкталган. Аталган иш-чараларга 12 өлкөдөн 250гө жакын өкүл катышып, баяндамаларда жаштарда каржылык билимдин жоктугуна терең тынчсыздануу айтылган. Конференциянын "Билим берүү" блогу боюнча сунуштарында төмөнкүлөр белгиленген:

**1. Экономикалык сабаттуулук, ошондой эле каржыны башкаруунун негиздерин билүү социалдык туруктуулукка жана калктын жакырчылык деңгээлине таасирин тийгизет. Анткени:**

- калктын түрдүү катмарлары ортосундагы экономикалык жана каржылык билимдин деңгээлдериндеги ажырымдын натыйжасында байлар менен жакырлар ортосундагы теңсиздиктин жогорку деңгээли жана айырманын терендиги сактала берет;
- экономикалык жана каржылык билимге жеткиликтүүлүктүн жоктугу калктын түрдүү топтору үчүн өлкө ичиндеги ресурстарга тең эмес жетимдүүлүккө көмөктөшөт;
- жарандарда экономикалык жана каржылык билимдин жоктугу мамлекеттик каржыны башкарууда ачык-айкын эместикке, жарандык көзөмөлдүн төмөн сапатына, коррупциянын өсүшүнө көмөктөшөт;
- шаардык жана элет калкы ортосундагы маалыматка жеткиликтүүлүктө теңсиздик пайда болот.

**2. Экономикасы өткөөл өлкөнүн жана мурдагы социалисттик блокко кирген өлкөлөрдүн жарандары бир катар объективдүү себептерден улам каржылык сабаттуулуктун деңгээлин жогорулатууга жана экономикалык сабатсыздыкты жок кылууга өзгөчө муктаж:**

- ошол өлкөлөрдүн билим берүү системаларында каржыга жана жалпысынан экономикага байланышкан билим берүү багыттары же такыр жок, же начар; үй-бүлөдө экономикалык жана каржылык окутуу салттары жок;
- аталган өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө элет калкынын үлүшү жогору жана аларда экономикалык, каржылык маалыматка жеткиликтүүлүк жок;
- экономикалык реформалардын натыйжасы боюнча, каржы базарынын өнүгүү ылдамдыгын эске алуу менен, каржылык кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрүнүн билими менен каржы өнүмдөрүнүн татаалдыгынын деңгээли ортосундагы ажырым көбөйүүдө, мунун айынан жарандар сабаттуу каржылык чечимдерди өз алдынча кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калууда;
- бул өлкөлөрдө керектөөчүлөрдүн, өзгөчө каржылык кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрүнүн укуктарын коргоо системасы начар өнүккөн;
- каржылык-насыя мекемелери өз кызмат көрсөтүүлөрү тууралуу толук эмес же туура эмес маалымат бериши мүмкүн.

Конференциянын катышуучулары билим берүү системасына жана жарандык коом уюмдарына иштеп чыккан сунуштардын арасында төмөнкүлөр бар:

- Окутуунун таймашуучу демилгелери, оюн, интерактивдүү жана инновациялык усулдарын жайылтуу аркылуу билим берүү процес-

синин катышуучулары, өзгөчө орто билим берүү мектептеринин жогорку классынын окуучулары жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн шыктандыруучу чөйрөнү түзүү.

- Акча табуу жана акчаны башкаруу аракети – бул жаман эмес, абройлуу жана коом тарабынан сыйга татыктуу деген принципке таянуу менен оокаттуу жашоого жана акчалуу болууга мамилени өзгөртүү үчүн тарбиялык парадигманы калыптандыруу.
- Мисалдын негизинде окутуунун принциптерине таянып, ийгиликтүү окуяларды кеңири колдонуу менен жаштар арасында ийгиликтүү тажрыйбаны жайылтууга көмөктөшүү. Алгачкы кадамдардын бири катары Байкал олимпиадасынын тажрыйбасын пайдалануу менен, Ысык-Көлдө окуучулар үчүн каржылык сабаттуулук боюнча жайкы олимпиаданы уюштуруу.
- Экономикалык жана каржылык сабаттуулуктун деңгээлин жогорулатууга түрдүү усулдардын жана мамилелердин натыйжалуулугун апробациялоо максатында пилоттук долбоорлорду ишке ашыруу. Басылмаларды уюштуруу, тренерлер үчүн тренингдерди өткөрүү, кеп-кеңештерди берүү жана тажрыйба алмашуу боюнча иш-чараларды – “тегерек стол” талкууларын, конференцияларды, өлкө ичинде да, эл аралык да тажрыйба алмашуу сапарларын өткөрүү аркылуу апробациянын натыйжаларын кеңири жайылтуу.

## Жарандын жеке ийгилиги – адамга, мамлекетке жана коомго кам көрүү. Бирок Кыргызстанда эмес!

Ушул тапта Кыргыз Республикасынын мектеп жана жогорку окуу жай программаларында жогоруда аталган темаларды окутуу үчүн жетиштүү көңүл бурулбайт, каржылык сабаттуулук окуу предмети катары киргизилген эмес. Ошону менен бирге билим берүү системасынын өкүлдөрү бул маселелер жогорку мектепте экономикалык сабактардын алкагында гана окутулса болот жана окутулуш керек, ал эми орто мектептин төмөнкү жана жогорку класстарынын окуучулары бул маселелерди терең үйрөнүүгө муктаж эмес деген пикирде. Балким аталган темаларды жогорку окуу жайлардын жана мектептин программаларына киргизүүгө ниеттин жоктугу жаштардын каржылык билимге жеткиликтүүлүгүн чектөө аракети эмес. Буга себеп биринчиден, азыркы замандын адамы үчүн каржылык сабаттуулуктун маанисин түшүнбөстүк, экинчиден, педагогдордун арасында каржылык сабаттуулук чөйрөсүндө тийиштүү билимди өткөрүп берүү дараметинин жоктугу болушу мүмкүн.

Ошентип расмий билим берүү системасы жаштардын каржылык жана экономикалык сабатсыздыгы өңдүү маселени эч чечпейт. Расмий билим берүү системасында ар кандай өзгөрүүлөр өтө оор ишке

**3-сүрөт. Каржылык сабаттуулуктун өсүшү коомдун туруктуулугуна кантип таасир тийгизет?**



ашарын жана тез өзгөрүп турган керектөөлөрдөн бир кыйла артта калып жатканын эске алуу менен, эл аралык донордук жана кыргызстандык бейөкмөт уюмдардын демилгелери маселени чечүүнүн алгачкы кадамы болмок.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда калктын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча чачыранды демилгелер бар, аларды негизинен каржы бизнесинин өкүлдөрү ишке ашырып келет. Бул жерде микрокаржылык компаниялардын кардарлары үчүн тренингдерди, ошондой эле "Сенти" каржы компаниясы уюштурган Жеке инвесторлор клубун белгилей кетиш керек. Бул пайдалуу жана корутундулуу демилгелер, бирок алардын олуттуу кемчилиги төмөнкүдөй: мындай иштердин максаттарынын бири – каржы базарынын оюнчуларынан өздөрүнүн кардарлар базасын кеңейтүү. Жогорку окуу жайдын жамааты тарабынан айрым максаттуу топтор үчүн каржылык окутуу жүргүзүлгөн учурлар бар. Мисалы, Кыргыз-орус Славян университетинин мугалимдеринин Улуттук гвардиянын офицерлерин окутушу.




Кыргызстанда жаштардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча атайын программалар жок. Балдар үйлөрүнүн жана мектеп интернаттарынын бүтүрүүчүлөрү үчүн жеке бюджетти башкарууга окутуу жаатында Каржы академиясынын мугалимдеринин жеке демилгелери гана бар. Лидерликти жана ишкерлик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган жаштар долбоорлору кеңири жайылып жатат. Анткен менен мындай долбоорлор ишкерлик менен алектенгиси келбеген жаштарды көңүл сыртында калтырып коюуда. Ошол эле маалда жаш адам ишкерчилик менен алектенеби, же жеке, коомдук же мамлекеттик структураларда жалданып иштейби, буга карабастан жогоруда аталган билимдер жана компетенциялар ага керек болот.

Кыргызстанда каржылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча мамлекеттик программалар жок. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ишке ашырган, Каржылык инклюзивдүүлүк үчүн альянсы каржылаган "Каржылык жеткиликтүүлүктү колдоодо каржылык сабаттуулук" аттуу жаңы башталып келаткан долбоор гана бар. Ошондой эле ушул өңдүү документти иштеп чыгуу боюнча Мамфинкөзөмөлдүн да демилгеси бар. Эки мамлекеттик орган бирдей жана автономдуу бир эле ишти алып барып жаткандын өзү көйгөйдү ыкчам чечүү зарылчылыгы бышып жетилгенинен да, аны чечүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн көрө албай жатканынан да (ресурстардын чачыранды болушу) кабар берет.

Ошону менен бирге Улуттук банктын дорлбоору каржылык мекемелердин учурдагы жана болочоктогу кардарларына багыт алган. Алар каржы базарларын, аманаттардын жана инвестициялоонун мүмкүнчүлүктөрүн, камсыздандыруу жана насыялоо өнүмдөрүн дагы да кеңири түшүнүүнүн, ушул кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануунун эки аспектиси боюнча жана кардарлар үчүн милдеттенмелердин жана тобокелчиликтердин негизинде каржылык кызмат көрсөтүүлөрдү баамдап, билип туруп тандаш керек. Баштапкы баскычында долбоордун иш жүзүндөгү аткаруучусу Микрокаржылоону өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңештин катчылыгы болгонун эсепке алуу керек. Башкача айтканда, бул демилге микрокаржы секторундагы кош кабат насыя берүүгө жана жоопкерчиликсиз насыялоого байланышкан кырдаалдан улам чыккан. 2010-2013-жылдары мунун айынан өзүнө өрт коюуга чейин барган заемчуларга байланыштуу көптөгөн экстремалдык кырдаалдар орун алган эле. Улуттук банктын долбоорунун тапшырмаларынын бири Кыргыз Республикасынын калкынын каржылык сабаттуулугун жогорулатуунун Концепциясын иштеп чыгуу болуп эсептелет. Анткен менен концепция канча мөөнөткө эсептелип, эң негизгиси ал кайсы максаттуу аудиторияны камтый турганы, ошондой эле концепцияда жаштар аудиториясынын өзгөчөлүктөрү кантип эсепке алынары азырынча анык эмес.

Ошентип жаштардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча мамлекет тарабынан көрүлгөн чыныгы чаралар тууралуу жакынкы мезгилде сөз да жок. Ошону менен катар бул чөйрөдөгү жаңы ийгиликтүү долбоорлор концепцияга жаштар менен иш алып баруунун дагы да жүйөлүү жана натыйжалуу усулдарын кошууга жол бермек. ӨСИ Улуттук концепцияны иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун курамына, ошондой эле Мамфинкөзөмөлдүн да жумушчу тобуна кирет жана жаштардын кызыкчылыктарын жана жалпысынан билим берүү сегментин иштелип жаткан программалык документтерге кошууга аракеттенип келатат, бирок натыйжалар тууралуу айтуу азырынча эрте.

Эмесе, Кыргыз Республикасынын жаш жарандарынын тоталдык каржылык сабатсыздыгы маселеси жалпы улуттук мааниге ээ; аны чечүүнүн пайдубалы анын ичинде бейөкмөт уюмдардын долбоордук ишмердигинин жардамы менен түптөлө алат.

# “Жаштардын каржылык сабаттуулугу – өлкө ийгилигинин фактору” долбоору

**Өнүктүрүү саясат институту долбоордун концепциясын иштеп чыкты, ал Кыргыз Республикасындагы мектептерде каржылык агартуучулук кыймылын өнүктүрүү үчүн негиз түзүүгө жол берет. 2014-жылдын жай мезгилинде “Сорос – Кыргызстан” Фондунун Швейцария Өкмөтү жана Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорун колдоосу менен долбоорду ишке ашыруу мүмкүн болду.**

## Долбоордун максаттары:

- каржылык сабаттуулук деңгээлин жогорулатуу жана жеке каражаттарын башкаруу боюнча билимди жайылтуу үчүн жаштарга шарт түзүү; мындай билим болочок муундун ийгиликтүү жана саламат жашоосун камсыздоодо чукул фактор болуп эсептелет;
- жаштарга Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө билимдин негиздерин берүү, жергиликтүү жамааттын мүчөсү болгон жарандын көндүмдөрүн өнүктүрүү, анын ичинде коомдук каржыны – жергиликтүү бюджетти акыл-эстүү жана натыйжалуу башкаруу жаатында.

## Долбоордун тапшырмалары

Максатка жетүү үчүн Долбоор төмөнкү тапшырмаларды аткарат:

- окуучулардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу маселелеринде жогорку класстардын педагогдорунун дараметин күчтөндүрүү;
- окуучулардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу маселелеринде жогорку класстардын педагогдору арасында тажрыйба алмашуу үчүн түйүн түзүүгө көмөктөшүү;
- жаштардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуунун инновациялык усулдарын апробациялоо;
- каржылык сабаттуулук маселелеринде жаштардын тажрыйба алмашуусунун республикалык аянтчасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
- мектептерде жана жогорку окуу жайларда каржылык ыктыярчылардын кыймылын түптөөгө башат берүү.

## Педагогдорду – долбоордун катышуучуларын иргеп алуу

Тандап алуунун критерийи – үйрөнгөн усулдарды окуу процессине жана өз окуу мекемелериндеги коомдук жашоого жайылтууда педагогдордун жөндөмдүүлүгүнүн жана мүмкүнчүлүктөрүнүн бар болгону. 2 аптанын ичинде жарыя маалымат таратуу жолу менен жеткирилди. Маалымат жеткирүү иштерине ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун түйүнү жана Билим берүү демилгелерин колдоо фонду (БДКФ) тартылды, фонд жарыяны өз мектеп өнөктөштөрүнө жолдоду. Көрсөтмө берүүчү семинарга катышып, андан кийин жайкы мектепте иштөө максатында тандоодон өтүү үчүн мугалимдер кызыгуусун билдирген кат жазып, анда төмөнкү суроолорго кыска, бирок толук жооп бериш керек эле:

- Жынысыңыз, жаш курагыңыз, адистигиңиз, жашаган жериңиз жана иштеген жериңиз.
- Эмне үчүн сиз окуучулардын жана жалпысынан калктын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу зарыл деп эсептейсиз?
- Окуучулардын каржылык сабаттуулугун кантип жогорулатса болот?
- Төмөнкү багыттарда кандайдыр бир тажрыйбаңыз барбы: класстан тышкаркы ишти же факультативдик билимди жүргүзүү, мектептин жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу, окутууда жана тарбиялоодо стандарттык эмес усулдарды колдонуу?

Баары болуп 44 өтүнмө түштү, башкача айтканда, сынакта бир орунга 2 киши талапкер болду. Географиялык жактан алганда өтүнмөлөр төмөнкүдөй болду:

- Жалал-Абад облусу – 16 адам;
- Талас облусу – 1 адам;
- Нарын облусу – 1 адам;
- Ош облусу – 15 адам;
- Чүй облусу – 4 адам;
- Баткен облусу – 3 адам;
- Ысык-Көл облусу – 4 адам.

Сынактык комиссия көрсөтмө берүүчү семинарга 21 катышуучуну (резервде 3 киши) тандап алды. Географиялык жактан алганда катышуучулар төмөнкүдөй болду:

- Жалал-Абад облусу – 6 адам;

- Талас облусу – 1 адам;
- Нарын облусу – 1 адам;
- Ош облусу – 5 адам;
- Чүй облусу – 3 адам;
- Баткен облусу – 1 адам;
- Ысык-Көл облусу – 4 адам;
- РЕЗЕРВДЕ – 3 адам.

Иргеп алуу тандап алынган педагогдор каржылык билимди зарыл болгон деңгээлде өздөштүрүүгө, ошондой эле аларды жаңылоо боюнча маалымат булактарын пайдалана алууга жетиштүү даражада даяр болот дегенди түшүндүрдү. Ошондой эле алар өз окуу жайындагы окуучуларды долбоорго катышууга тартууга көмөктөшөт; алар менен чогуу команда түзүп, долбоорго катышкандан кийин алынган усулдарды андан ары өзүндө жайылтат.

## Педагогдор үчүн көрсөтмө берүүчү семинар жана каржылык сабаттуулук жайкы мектебинин программасын түзүү

2014-жылдын 24-апрелинен 27-апрелине чейин тандалып алынган педагогдор үчүн көрсөтмө берүүчү семинар өттү. Семинардын программасы проф. Прутченковдун , Александр Ивановдун жана Нелли Симонованын катышуусу менен иштелип чыкты. Семинардын максаты: каржылык сабаттуулукту жогорулатуунун бар болгон усулдары тууралуу билимди өткөрүп берүү жана окуучулар үчүн каржылык сабаттуулуктун жайкы мектебинин деталдуу программасын түзүү. Катышуучулар – Кыргыз Республикасынын мектептериндеги жогорку класстардын мугалимдери жана социалдык педагогдор .

Семинардын программасына жалпысынан каржылык агартуучулукту өнүктүрүүгө жана аны менен катар окуучулардын каржылык агартуучулугун өнүктүрүүгө байланышкан теориялык суроолор кирди:

- Каржылык сабаттуулуктун концепциясы. Каржылык сабаттуулуктун деңгээлинин, экономикалык өсүштүн жана социалдык туруктуулуктун ортосундагы байланыш. КС-КБ долбоорунун концепциясы
- Кыргыз Республикасында каржылык сабаттуулукту жогорулатуу практикасы: улуу муундун өкүлдөрү үчүн каржы боюнча билим берүүчү маалыматты жеткирүүнүн мисалы
- Окуучулардын, педагогдордун жана ата-энелердин каржылык сабаттуулугун жогорулатуунун максаттуу программасы: Стратегиялык тапшырмалар, негизги көрсөткүчтөр, программалык иш-чаралар
- Москванын мектептеринде жана Орусияда колдонулган каржылык жактан агартуунун негизги технологияларына сереп
- “Жеке каржылык план” ишкер оюну: түрдүү максаттуу аудиторияга колдонуунун жана адаптациянын варианттары
- Окуучуларды каржылык жактан агартуу максатында компьютердик программаларды жана интернет-сервистерди пайдалануу
- “Шаардык компетенциялар мектеби” программасы студент-ыктыярчылардын жана окуучулардын активдүү катышуусу алдында жарандарды каржы жагынан агартуунун комплекстик технологиясы.

Ошондой эле программага жайкы лагердин программасын жана форматын, ошондой эле аны уюштурууда педагогдордун ролун иштеп чыгууга байланыштуу практикалык суроолор кирди.

- “Мегаполис” тематикалык нөөмөтү жайкы балдар лагеринин шарттарында: программаны иштеп чыгуу, катышуучуларды даярдоо, өткөрүү жана натыйжалардын анализи.
- Орусия Федерациясында колдонулган усулдарды Кыргыз Республикасында кайталоо мүмкүнчүлүгүнө анализ. Айырма эмнеде болуш керек? КРдагы жамааттардын өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен кайсы кошумча аспаптарды колдонсо болот?
- Мектептин методикалык концепциясын иштеп чыгуу: биз кайсы идеянын же моделдин тегерегинде мектепти курабыз – ишкер оюнбу, таймашпы, фестивалбы?
- Иш-чараларга бөлүү менен жайкы мектепти күнүмдүгүн күн сайын пландоо
- Жайкы мектептин педагог-кураторлорунун милдеттери: жогорку класстын окуучуларынын командасын түзүү, жайкы мектепте иштөө, жоопкерчилик, отчеттуулук.

Окутуунун төртүнчү күнү аягына чыгып калган маалда катышуучулар тесттик анкеталарды толтурушту. Анда мугалимди жайкы окутуу процессине кошуу мүмкүнчүлүгүн эң мыкты аныктоого шарт түзгөн уюштуруучулук бөлүмдү; ошондой эле окуучуларды каржылык жактан агартуу боюнча материалды өздөштүрүүнүн деңгээлин баалоого жол берген теманы түшүнүүгө суроолордун бир бөлүгү камтыган. Төрт күндүк окутуунун жана интерактивдүү баарлашуунун натыйжасында, ошондой эле толтурулган анкеталарга анализ жүргүзүү менен комиссия жайкы мектепке катышуу үчүн 10 педагогду тандап алды:

- **АБДУЛЛАЕВА Шазадахан Кочкорбаевна,** shazadakhan@mail.ru. Жалал-Абад ш., Давлетов ат. №14 мектеп-лицейи;
- **АСАКЕЕВА Луиза Диасовна,** asakeev1@mail.ru, Жалал-Абад облусу, Токтогул району, Кара-Тектир ай., Манас ат. №7 мектепи;
- **НУРАЛИЕВА Нургул Акимбековна,** nuralieva1983@inbox.ru,Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району, Акман айылы, С.Макаренко ат. №1 мектеп-гимназиясы;
- **СУЛАЙМАНОВА Анаргүл Аскербековна,** Narynscool@mail.ru, Нарын ш., В.П.Чкалов ат. №2 мектеп-гимназиясы;
- **КУЗНЕЦОВА Лариса Владимировна,** smailkg@rambler.ru, Ош ш. “Олимп” мектеп-гимназиясы;

- **АБДЫВАСИЕВА Алима**, alima2004@mail.ru, Ош ш., “Илим-Ош” билим берүү комплекси;
- **МАСЛОВА Ирина Викторовна**, irina.maslova.66@mail.ru, Кара-Балта ш., №6 мектеп-гимназиясы;
- **ЭРГЕШОВ Сухробжон Хакимжанович,** sukbrobzhone.kg@gmail.com, ББаткен облусу, Лейлек району, Андарак айылы, Андарак а. мектеби;
- **ЯРОСЛАВЦЕВА Ольга Викторовна,** olga-yaroslavna63@mail.ru, Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району, Тамга а., Тамга мектеби.

Педагогдор жайкы лагердин баштапкы программасын түздү. Ага окутуунун интерактивдүү усулдары, жайкы университет, оюн түрүндөгү иш-чаралар кирди. Алардын мазмуну каржылык сабаттуулукка жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналды. Ошондой эле педагогдор программаны атоонун бир канча варианттарын сунуштап, көпчүлүк добуш менен Фин-Билим-Сити Муниципалитети деген аталыш тандалды.

## Жаштарды жайкы мектепке катышуу үчүн тандап алуу

Долбоорго катышуу үчүн жаштарды тандап алууда негизги талап – жалпы дүйнө таанымы жана каржылык билимди алууга жана жайылтууга мотивациянын бар болгону. Тандап алуу сынактык негизде, дил баян таймашы менен өттү. Сынак тууралуу жарыя ММКга жайгаштырылып, интернет аркылуу жайылтылды. Ыктымал талапкерлер тууралуу маалыматтын атайын булагы – педагогдор – көрсөтмө берүүчү семинардын катышуучулары, алар өзүнүн жана кошуна мектептерде жарыяны таратышты.

Жайкы мектепке катышуу максатында тандоодон өтүү үчүн катышуучулар дил баян жазышты, анда алар төмөнкү суроолорго кыска, бирок толук жоопторду беришти:

- Сиздин жынысыңыз, туулган күнүңүз, жашаган жериңиз жана окуган жериңиз?
- Эмне үчүн сиз окуучулардын жана жалпысынан калктын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу зарыл деп эсептейсиз?
- Окуучулардын каржылык сабаттуулугун кантип жогорулатса болот?
- Коомдук иштерде кандайдыр бир тажрыйбаңыз барбы?

2014-жылдын 27-майына карата ӨСИге Кыргыз Республикасындагы бардык аймактардан 160 дил баян түштү. Алардын ичинен комиссия жайкы мектептин 50 катышуучусун тандап алды.

Жайкы лагерде балдар менен иш алып баруунун андан кийинки тажрыйбасы көрсөткөндөй, тандоо өтө сапаттуу жүргүзүлгөн. Бардык балдарда мотивация жогору болуп, алар лагерге активдүү катышып, өзүнүн чыгармачыл дараметин ачышып, жайкы университетте жакшы билим алышты.

Албетте кызыктын баары жайкы мектепте, же жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн каржылык сабаттуулугун жогорулатууга жана көндүмдөрүн өнүктүрүүгө арналган лагерде – Фин-Билим-Сити муниципалитетинде болду.





ФИН БИЛИМ СИТИ

### катышуучунун китепчесинен үзүндүлөр

# Фин-Билим-Сити муниципалитети боюнча жол көрсөткүч

## Мен каякка келдим?

Сиз келечектин инновациялык муниципалитетине келдиңиз. Бул жерден Сизди мектепте үйрөтпөгөн, бирок ансыз Сиздин жашооңуз ийгиликтүү болбой турган каржы тууралуу көп нерсени биле аласыз. Сиз муниципалдык башкарууну үйрөнүп, дагы башка көптөгөн жаңы көндүмдөргө ээ болосуз. ФБС муниципалитети – бул жөн гана шаар же айыл эмес. Бул – бир нече маанилүү нерселердин комплекси (жыйындысы):

- аймактын (мамлекеттин, шаардын, айылдын);
- ушул аймакта жашаган жана бул аймактын ресурстарын (сууну, жерди, абаны, жер казыналарын, өндүрүштү ж.б.) колдонгон адамдардын;
- жашоочулар өздөрү тандаган башкаруу органдары, алар ушул жашоочулардын турмушун ошолордун кызыкчылыгына жараша түзүшөт;
- экономиканын, башкача айтканда муниципалитеттин тургундары үчүн товарларды өндүргөн жана кызмат көрсөткөн ишканалардын;
- ишканалардын жана жарандардын акча каражаттарына болгон керектөөлөрүн тейлеген каржы системасынын комплекси.

Фин-Билим-Сити муниципалитетинде Сиз алгачкы жашоочулардын (жарандардын) бири болосуз жана Сизден кийин бул жерде кала турган эрежелердин жана салттардын негизин түптөйсүз. Ошону менен Сиз учуру келгенде өз шаарыңызда же айылыңызда да из калтырасыз, ал эми ал кандай болору Сизден гана көз каранды.

## Мен киммин?

Сиз Фин-Билим-Сити муниципалитетинде эмне менен алектене турганыңызды өз алдынча чечип алышыңыз керек. Сиз төм. боло аласыз:

- саясатчы – жергиликтүү советтин (кеңештин) депутаты;
- муниципалитеттин башкармалыктарынын биринде иштеген жалданма муниципалдык кызматчы;
- жашоочулардын керектөөлөрүнөн улам өз бизнесин түзгөн ишкер;
- агартуучу (маданиятты алып жүрүүчү) – акын, музыкант, сүрөтчү;
- коомдук ишмер (БӨУ – бейөкмөт уюмдун өкүлү).

Бул ролдордун кайсынысын тандабаңыз, баарында тең экономикалык жана каржылык мамилелерди түзөсүз, салык төлөйсүз, муниципалитетти башкарууга катышасыз, ФБСтин Жайкы мектебинде билим аласыз жана кечки программалар маалында көңүл ачасыз.

## Мен бул жерге эмне үчүн келдим?

Сиз каржылык жактан сабаттуу болуп, бул жашоодо ийгиликке жетүү үчүн келдиңиз. Сиз Фин-

Билим-Сити муниципалитетинин Жайкы мектебинде окуудан өтүп, жеке жана коомдук каржыны башкаруу боюнча билимге, социалдык долбоорлорду иштеп чыгуу боюнча көндүмдөргө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы тууралуу билимге ээ болосуз.

Жайкы мектептин алкагында Сиз өз долбооруңузду (планды) иштеп чыгасыз. Анда өз шаарыңызда же айылыңызда досторуңуз, ата-энеңиз, туугандарыңыз жана кошуналарыңыз арасында кантип каржылык агартуучулук менен алектене алаарыңыз көрсөтүлгөн. Үйүңүзгө кайтып келгенде Сиз тегерегиңиздеги адамдарга каржылык сабаттуулуктун баштапкы маалыматын өздөштүрүүгө жардам бересиз.

## Фин-Билим-Сити муниципалитети кантип иштейт?

Муниципалитетти 5 депутаттан турган совет (кеңеш) башкарат. Аны жашоочулар Фин-Билим-Ситиге келгенден кийин экинчи күнү шайлоо өнөктүгүнүн (шайлоочулар менен жолугушуулар, программа менен тааныштыруу, митингдер ж.б.) натыйжасы боюнча тандайт. Шайлоо өнөктүгүн биринчи күнү эле 5 адамдан турган (алар сынактын негизинде тандалат) Шайлоо комиссиясы уюштурат жана өткөрөт. Добуш берүү “Шайлоо” электрондук системасын колдонуу менен өткөрүлөт.

Муниципалдык совет (кеңеш) муниципалитетти башкаруучуну – мэрди тандайт. Мэр андан ары муниципалдык башкармалыктардын жетекчилерин (маданияттын, билим берүүнүн, социалдык камсыздоонун, салык инспекциясынын, маалымат кызматтын, банктын, юридикалык башкармалыктын, эмгек биржасынын ж.б.) дайындайт жана шаарды башкарууда ыкчам маселелердин баарын чечет.

Муниципалдык кызматчылар муниципалитеттин бюджетин иштеп чыгат, аны Кеңешке бекитүүгө өткөрүп беришет, өз кызматтарынын ишин уюштурушат. Ошондой эле муниципалитетте Инвесторлор кеңеши да бар (педагогдор жана эксперттер), алар жашоочуларга бизнес ачуу үчүн банк аркылуу инвестиция беришет.

## Фин-Билим-Ситинин мэриясы

Мэриянын ар бир кызматкеринин жеке жумушчу кеңсеси болот, ал кызматкерге муниципалитеттин алкагында өзүнүн кесиптик ишин жүргүзүүгө жардам берет.

Мэр шаардын бюджетин муниципалдык башкармалыктар (алардын пландалып жаткан иш-чараларынын тиркемеси жана аларды өткөрүүгө кеткен чыгашалардын сметасы камтылган табыштамалары боюнча) ортосунда бөлүштүрүү укугуна ээ.

Муниципалдык башкармалыктардын жетекчилери өзү жетектеген башкармалыкка бөлүнгөн бюджетти бөлүштүрүү, вакансияларды түзүү, башкармалыктын кызматкерлерине айлык акыны които укугуна ээ.

Башкармалыктын кызматкерлери муниципалитеттин жашоочуларынын турмуш шартын жогорулатуу максатында электрондук системанын түрдүү функцияларын колдонуу укугуна ээ (социологиялык сурамжылоолорду жүргүзүүгө, сынактарды жарыялоого, муниципалитетте болуп жаткан окуялар тууралуу билдирүүгө жана аларды чагылдырууга укуктуу).

## Талаш-тартыштар жана жаңжалдар

Ар бир жамаатта экономикалык талаш-тартыштар жана личносттор аралык жаңжалдар пайда болуп турат. ФБС муниципалитетинде экономикалык талаш-тартыштарды жөнгө сала турган калыстар соту жана личносттор аралык жаңжалдарды жөнгөрүүчү медиация кызматы өңдүү эки кызмат иштейт. Сиз өзүңүздү ушул иштерде сынай аласыз.

## Фин-Билим-Сити муниципалитетинин каржы системасы кантип иштейт?

Ар бириңиз “Электрондук муниципалитет” программасынын жардамы менен өз акча каражаттарыңызды башкаруу жана муниципалитетиңиздин жашоосуна таасир этүү үчүн Фин-Билим-Сити электрондук системасына катталуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуз.

Муниципалитетте бир нече кызмат иштейт, алардын милдетине каржы системасын тейлөө кирет.

## Фин-Билим-Сити банкы

Биздин шаарда өз валютабыз иштейт, ал – БИЛИМ. Шаардын ар бир жашоочусунун Фин-Билим-Сити банкында өз эсеби болот:

- өздүк эсеп, бул эсеп физикалык жана юридикалык жактар менен эсеп-кысап жүргүзүү үчүн ачылат. Дал ушул өздүк эсепке Сиз көрсөткөн кызматтар үчүн алган бардык каражаттар түшүп турат. Мисалы, айлык акы, сыйлыктар жана инвестициялар.
- депозиттик эсеп, бул эсепке өзүңүздүн эркин каражатыңызды жайгаштыра аласыз жана ошол суммадан пайыз түрүндө киреше тапсаңыз болот (депозитке пайыздар күн сайын, саат 7.00дө которулуп турат);
- насыя эсеби, бул эсеп насыяларды алуу жана тындыруу үчүн колдонулат (насыянын тыңдырылбаган бөлүгүнө пайыздар күн сайын, саат 7.00дө кошулуп турат).

Сиз интернетке туташа алчу ар түрдүү электрондук түзүлүштөрдүн (планшет, ноутбук, смартфон) жардамы менен өз эсебиңизди оңой эле башкарсаңыз болот.

Фин-Билим-Сити муниципалитетине келген күнү эле ар бир жашоочу 20 000 билим өлчөмүндө биринчи болуп байыр алуучулар үчүн бир жолку бекер жөлөк пул алат. Анткен менен бул акча бир-эки күнгө гана жетет. Ошондуктан Сиз билим-



Бюджеттин планы (долбоору) жергиликтүү кеңештин ачык сессиясында талкууланат. Анда ар бир каалоочу бюджеттин долбоорун комментарийлеп, өз сунуштарын бере алат. Ошондон кийин Совет бюджеттин планын (долбоорун) бекитет. Бюджеттин аткарылышынын натыйжасында сменанын соңунда бюджеттин аткарылышы боюнча ачык коомдук угуулар өтөт. Угуулар маалында администрация шаардыктар алдында бюджет кантип аткарылганы тууралуу отчет берет. Угуулардан кийин гана бюджеттин аткарылышы тууралуу отчет Кеңештин бекитүүсүнө берилет.

дерди табуу үчүн ишке орношуп, же бизнес менен алектенишиңиз керек.

## Фин-Билим-Ситинин салык кызматы

Салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөнүн натыйжасында чогулган бардык каражаттар муниципалдык бюджетке түшөт. Салык кызматы бардык жашоочулар милдеттүү төлөмдөрдү жана салыктарды төгүп турушуна көз салат.

## Фин-Билим-Сити муниципалитетинин бюджетин түзүү

ФБС муниципалитетинин бюджети анын жашоочулары төлөгөн милдеттүү төлөмдөрдөн жана салыктардан, юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин кирешелеринен алынган салыктардан түзүлөт.

Муниципалдык бюджеттин өзөгүн түзгөн милдеттүү төлөмдөрдөн жана салыктардан сырткары Фин-Билим-Ситинин мэриясы республикалык бюджеттен дотация алып турат. Дотация – бул бекер жана кайтарымсыз негизде берилген каражаттар. Республикалык Каржы министрлиги (виртуалдык) ФБСтин бюджетин "тең үлүштүк катышуу" принциби боюнча дотациялайт. Бул демек ФБС жыл сайын өткөн каржы жылында канча салык жана милдеттүү төлөмдөр чогулган болсо, туура ошого тете билим алат дегенди түшүндүрөт.

## Фин-Билим-Сити муниципалитетинин бюджетин аткаруу (чыгымдоо)

Бюджеттин чыныгы кожоюну болуп муниципалитеттин жашоочулары эсептелет. Ошондуктан мэрия бюджетти алардын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эсепке алуу менен пландайт.

## Айлык акы жана эмгекти төлөөнүн минималдык өлчөмү (ЭТМӨ)

Сиз аткарган иш төлөнүш керек. Фин-Билим-Ситинин жашоочулары үчүн жашоо-тиричилик минимуму күнүнө 6900 билимди түзөт. Бул сумма бардык милдеттүү төлөмдөрдү төлөөгө жетет. Минималдык айлык акынын өлчөмү жашоо-тиричилик минимумунан 130% аз боло албайт. Бул болсо 8970 билимди түзөт.

## Билимди кантип тапса болот?

### Муниципалдык кызматчы болуңуз

Муниципалдык кызматчынын иши – бул коомдун кызматындагы туруктуу маяна. Муниципалдык кызматка сынактык тандоонун натыйжасы боюнча орношсо болот (мэриянын кабыл алуу комиссиясы таржымалын же портфолиосун тапшырган талапкерлердин арызын карап чыгат). Ишке кабыл алынган кызматкерлерге мэрия минималдык айлык акыдан төмөн болбогон маянаны дайындайт. Муниципалитеттин мэриясы күн сайын ар бир кызматчынын өздүк эсебине айлык акыны которуу үчүн каржы башкармалыгына ведомостту өткөрүп турат.

### Өз бизнесиңизди ачыңыз

Сиздин өз бизнес-долбооруңузду ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүңүз бар. Сиз муниципалитеттин жашоочуларына кандайдыр бир кызмат көрсөтүүлөрдү же өнүмдөрдү сунуштай аласыз. Бизнес-план жазыңыз, өз бизнес-долбооруңузду ишке ашыруу үчүн ресурстарды табыңыз, сменанын уюштуруучуларын тартып, аларды демөөрчү же буйрутмачы болуп берүүгө көндүрүңүз, же банктан насыя алыңыз. Бизнес – акча табуунун жакшы мүмкүнчүлүгү, бирок анын тобокелдиги да бар болгонун унутпаңыз.



# ФИН-БИЛИМ-СИТИ МУНИЦИПАЛИТЕТИ,

## же окуучулардын каржылык жана жарандык сабаттуулугун жогорулатуунун инновациялык механизми

Жайкы мектеп 10 күндүн ичинде, үстүбүздөгү жылдын 12-июнунан 22-июнуна чейин Ысык-Көлдүн жээгиндеги “Гуд-Лейк” пансионатында көрсөтмө берүүчү семинарда иштелип чыккан деталдуу програмага ылайык өттү. Катышуучулардын саны – 16дан 20 жашка чейинки курактагы жаштар – Кыргыз Республикасынын бардык аймактарынан келген 50 киши.

Жайкы мектеп Фин-Билим-Сити муниципалитети түрүндө уюштурулду жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана каржыны башкаруу тууралуу билим берүүчү каналдардын уникалдуу удаалаштыгы болуп калды. Балдар жана педагогдор роль ойношту – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына негизделген, өзүнүн кеңеши, мэриясы, тийиштүү кызматтары, бизнеси бар муниципалитет. Фин-Билим-Сити муниципалитетинде ар ким өз ролун аткарды. Алгачкы күндөрү башкаруу органдары – 5 депутаттан турган жергиликтүү кеңеш тандалып алынды. Алар муниципалитеттин мэрин тандап, жергиликтүү бюджетти бекитти. Мэр жергиликтүү министрлерден – спорт, маданият, саламаттык сактоо, экология, маалымат министрлеринен өз командасын түздү. Мэр менен бирге министрлер муниципалитетти өнүктүрүү программасын түзүп, аны аткарууга киришти.

Ал арада муниципалитеттин калган жашоочулары ким эмне менен алектенерин жана жашаган жери, тамак-ашы, жайкы мектепте билим алуу үчүн төлөй турган акчаны – билимдерди кантип табарын аныктай башташты. Муниципалитеттин валютасынын аталышы жөн жерден тандалып алынган жок. Билим – бул ресурс, кайсы бир түрүндө капитал, ар бир адам өмүр бою аны топтоого аракеттениш керек. Билимге ээ болгон адам өзүнүн квалификациялык эмгегин жогорку акыга сатат жана өзүнө кирешелердин жогорку деңгээлин камсыздайт. Ошону менен бирге ага өз кирешелерин бөлүштүрүүдө, өз ресурстарын башкарууда кайра эле билим талап кылынат. Бул ресурстардын ичинен эң негизгиле-

ри – убакыт, билим жана акча. Ошондуктан Фин-Билим-Сити муниципалитетинин ар бир жашоочусу мүмкүн болушунча көбүрөөк билим жана акча алууга умтулат. Мунун баары БИЛИМ деген бир сөзгө бириктирилген.

Шаарда виртуалдык банк иштеп жатты. Ал муниципалитеттин концептине өзгөчө баалуу салым кошту. Анткени балдарга практикада жалпысынан жеке каражаттарын жана аны менен катар электрондук акчаны башкаруунун негиздерин өздөштүрүүгө жардам берди. Бул болсо долбоордун ийгиликтүү жаңылыгы болду. Ал москвалык профессор Александр Прутченков жана анын аспиранты, Элиста шаарынан келген педагог Аркадий Муниевдин чыгармачыл тандеминен жаралды.

Нөөмөттүн башында муниципалитеттин ар бир жашоочусу жыйырма бир миң билимден алды. Ал болсо үч күнгө гана жетмек жана төртүнчү күнү эле ар бир бала акчаны кантип табарын, виртуалдык банктагы жеке эсебин кантип толтурарын ойлоно баштады. Виртуалдык банкта Фин-Билим-Сити муниципалитетинин ар бир жашоочусунун өз эсеби бар болчу: эсеп-кысап жүргүзүү үчүн өздүк эсеп, топтоо үчүн депозиттик эсеп, карыз алуу үчүн насыя эсеби. Виртуалдык банк жайкы мектептин мыкты табылгасы болуп калды. Ал балдарга төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү түздү:

- электрондук акчанын даамын татып көрүү
- чыгашаларды жана кирешелерди көзөмөлдөгөндү үйрөнүү
- салык төлөө зарыл дегенге көнүү.

Балдар менен чогуу муниципалитеттин жашоосуна алдын ала атайын окуудан өткөн 10 педагог аралашты. Алар негизинен өспүрүмдөр келген аймактардагы мектептердин мугалимдери болчу. Бирок педагогдор лагерде коопсуздукту жана тартипти камсыздоого гана жардам бербестен, өздөрү да муниципалитеттин толук кандуу жашоочулары болуп калышты.

Фин-Билим-Сити Муниципалитетинин жашоочулары төлөгөн салыктар бир кыйла сумманы түздү – бир нече миллион билим топтолду. Аны болсо муниципалитеттин мэриясы өнүктүрүү программасына ылайык жалпы иштерге жана албетте маянага сарптады. Мисалы, депутаттын маянасы 12 миң билим болсо, мэрдин катчысынын маянасы азыраак – 9 миң билимдин тегерегинде болду. Мэрия шаардыктардын саламаттыгына кам көрүп, спорттук иш-чараларды өткөрүп, тазалыкка көз салып, маданий иш-чараларды өткөрүп, күн тартибин белгилеп, муниципалитеттин турмушундагы дагы башка көптөгөн маселелер менен алектенди. Нөөмөттүн соңунда муниципалитеттин башкаруу органдары коомдук угууларда бюджеттин аткарылышы үчүн отчет берип турду.

Күндүн биринчи жарымында балдар Жайкы университетте жеке каржыны башкарууга жана чоң кишинин жашоосунун көндүмдөрүнө үйрөнүп жатышты. Сандардын чытырман токоюнан өтүп, өзүңдүн каржылык келечегиңди пландай билүү канчалык маанилүү болгонун баамдоого окуучуларга тажрыйбалуу лекторлор жардам беришти – Москва Ачык билим берүү институтунун профессору Александр Прутченков, “Сенти” каржы компаниясынын директору жана Кыргызстандагы Жеке инвесторлор клубунун менеджери Мээрим Жамангулова. Университет үчүн маанилүү тема каржылык агартуучулук боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу болуп калды. Жайкы мектептин негизги натыйжасы каржылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча жергиликтүү демилгелерди өнүктүрүү боюнча командалык пландарды иштеп чыгуу болуп калды; бул пландарды катышуучулар өзү менен алып кетти жана өз окуу мекемелеринде ишке ашырмай болушту.



Жайкы университеттин маанилүү этабы каржылык агартуучулук долбоорлорунун бет ачары болуп калды. Аны балдар нөөмөттүн соңунда иштеп чыгышты. Бул долбоорлорду алар өз класстарында, мектептерде, үй-бүлөлөрдө жеке же топ-топ болуп алып ишке ашырышат жана алган каржылык билимин өз курдаштарына жана ата-энелерине өткөрүп беришет.

Муниципалитеттин кечки социалдык жашоосу ар бир балага өзүн чыгармачыл жактан ачууга, убакытты көңүлдүү өткөрүүгө, досторду табууга жардам берди. КВН, таланттар сынагы, мода көрсөтүүлөрү – бул Фин-Билим-Сити муниципалитетинин айрым гана кечки иш-чаралары. Педагог-кураторлор кол менен иштөө көндүмдөрүн өздөштүрүүнү каалагандарга кол өнөрчүлүгү боюнча практикалык курстарды уюштуруп беришти.

Ошентип күндөр көздү ачып жумгандай эле өтүп кетти. Нөөмөттүн соңку аккорду аукцион болду. Ал жерден балдар тапкан акчасын коротуп, сувенирлерди жана белектерди сатып алышты, аны болсо Фин-Билим-Сити Муниципалитети тууралуу эстеп жүрүү үчүн өзү менен ала кетишти. Анткен менен артка кайтканда белектер жана сувенирлер жүк болгон жок. Негизги жүк – алынган билим жана көндүмдөр, ошондой эле жашоого, жарандык катышуунун мүмкүнчүлүктөрүнө жана өзүнүн каржылык жүрүм-турумуна болгон өзгөргөн көз караш.

Нөөмөттүн ийгилигин экспертиза менен тажрыйбанын уникалдуу айкалыштыгы камсыздады.

**Өнүктүрүү саясат институту Билим берүү демилгелерин колдоо фонду менен биргеликте 2015-жылы**
**ФИН-БИЛИМ-СИТИ МУНИЦИПАЛИТЕТИНИН жаңы нөөмөтүн өткөрүү үчүн**
**ДОНОРЛОРДУ ЖАНА ДЕМӨӨРЧҮЛӨРДҮ ИЗДЕЙТ.**
**ФИН-БИЛИМ-СИТИ МУНИЦИПАЛИТЕТИНИН 2014-жылдагы жайкы мектеби "Сорос – Кыргызстан" фонду жана Швейцария Өкмөтү Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун каржылык колдоосу алдында уюштурулду.**

**Муниципалитеттин моделине автордук укуктар Өнүктүрүү саясат институтуна таандык: www.dpi.kg, www.vap.kg, www.municipalitet.kg**

Моделдин негизин 17 жылдан бери Кыргызстанда Александр Иванов менен Маргарита Байтикова башында турган Билим берүү демилгелерин колдоо фонду өткөрүп келаткан "Эвергриния" лагеринин тематикалык нөөмөтү жана форматы түздү. Окуучулардын каржылык сабаттуулугу боюнча тематикалык нөөмөттөрдүн тажрыйбасы кеңири колдонулду. Аларды Орусия Федерациясынын көптөгөн аймактарында Москва Ачык билим берүү институтунун экономика кафедрасынын профессору Александр Прутченков өткөрүп келатат. Жеке каражатты башкаруунун кыргызстандык өзгөчөлүктөрүн "Сенти" каржылык компаниясынын директору Нелли Симонова жана Жеке инвесторлор клубунун менеджери Мээрим Жамангулова окутту. Муниципалдык башкаруунун колоритин жана адамды өнүктүрүүнүн чөйрөсү катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу элесин Өнүктүрүү саясат институту киргизди. Комплекстүү жана жогорку профессионалдуу экспертиза Фин-Билим-Сити Муниципалитетинин моделин бир катар уникалдуу артыкчылыктар менен толуктоого жол берди.

## "Фин-Билим-Сити муниципалитети" моделинин уникалдуу артыкчылыктары:

- Өспүрүм жеке каражатын практикада башкарууга үйрөнөт
- Өспүрүм өзүн депутаттын, мэрдин, министрдин ролунда сынап көрүп, оюн форматында жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын негиздерин үйрөнөт
- Өспүрүм электрондук акча менен иштөөнүн практикалык көндүмдөрүн алат
- Өспүрүм өзүн ишкердин, социологдун, социалдык кызматкердин, иш-чараны уюштуруучунун, финансисттин ролунда сынап көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот
- Өспүрүм маданий иш-чараларда чыгармачыл жактан өзүн көрсөтүү, ошондой эле кол менен иштөөнүн жаңы көндүмдөрүн үйрөнүү үчүн бардык мүмкүнчүлүккө ээ болот
- Өспүрүм Кыргыз Республикасынын башка аймактарынан жаңы досторду таап, түрдүү жыныстагы, улуттагы жана диний ишенимдеги адамдар менен көп түрдүү жана ыңгайлуу турмушта жашоого үйрөнөт
- Өспүрүм жайкы мектептин оюн форматынын жардамы менен анын аң-сезиминде көптө кала турган көндүмдөрдүн жана билимдердин кеңири топтомуна ээ болуу менен жайкы убактысын коопсуз жана гармониялуу өткөрөт
- Өспүрүм өз жамаатында жаңы билимдердин жол көрсөтүүчүсү болуп калат, анткени нөөмөттүн соңунда үйүнө, өз үй-бүлөсүнө, классына, мектебине каржылык жактан агартуунун жеке планын алып кетет

Жайкы лагердин иши тууралуу кеңири маалыматты Фейсбуктагы баракчабыздан таба аласыз. Дареги - https://www.facebook.com/pages/Муниципалитет-Фин-Билим-Сити/1439871712938931 M






# ФИН-БИЛИМ-СИТИ МУНИЦИПАЛИТЕТИ мага эмне берди?

## "Фин-Билим-Сити муниципалитети" жайкы лагеринин катышуучуларынан 10 мыкты дил баян

Алгачкы жашоочулардын дил баяны, 21-июнь, 2014-ж.:

**Абдыракман кызы Айдана,**
**Аскеров Азат,**
**Даниярова Сайкал,**
**Жыргылбеков Аман,**
**Зимин Вадим,**
**Калыбекова Назгуль,**
**Мендикулова Нагима,**
**Мусаева Карина,**
**Сыдыкбек кызы Алия,**
**Талантбек кызы Чолпон.**



**Абдыракман кызы Айдана, 15 жашта, Баткен ш.**

# Мен чыныгы турмуштун анык жүзүн көрдүм

- Достор, биз болуп көрбөгөндөй ылдам өзгөрүштөрдүн айланасында жашайбыз. Биз дүйнөнү, ал эми дүйнө бизди өзгөртүүдө. Кандай айла кылсаң да, аларды оюп жибериш кыйын. Белгилүү өлчөмдө алар адамдардын акыл-эсине таасир этип, тескери жолго багыт алат. Ошондуктан өзүбүздүн бүгүнкү турмушубузду терең аңдап, баскан жолубузду байкап, адамдык жашообузду түшүнүү эң маанилүү маселе. Биз, адамдар кимбиз, биздин бирелешкен коомубуз кандай дейсиң да, атагы ай ааламды аралап кеткен алп сүрөткер Чыңгыз Айтматовдун "адамга эң кыйын - ар күнү адам болуп жашап өтүү" деген сөзүн эске түшүрөсүң. Чындыгында эле адамга эң кыйын ар күнү адам болуу экендигин бул лагерге келип ого бетер түшүндүм. Анткени бул лагерде жаңы тааныштар, жаңы достор болгонгобу, айтор мамиле түзүү керек экендигин терең түшүндүм. Бул эле эмес, Фин-Билим-Сити шаарында жашаган 10 күнүбүзү 10 жылга тете болуп , баарыбыз бири-бирибизге боор тартып, достошо алдык. Мен бул лагерге келгенден кийин көптөгөн зарыл нерселерди үйрөндүм. Мисалы, мен бул жакка келип, акчанын ушунчалык сабаттуу экенине өзүм акча таба баштаган-

*Акча деген эмне экенин түшүнүш керек. Мен ата-энемен акча алам жана аны эч ойлонбостон сарптайм. Эми болсо үйгө баргандан кийин мен үнөмдөп жашаганды жана акчаны жөнү жок коротпогонго аракеттенем. Бул 10 күн менин жашоого болгон көз карашымды өзгөрттү.*

дан кийин гана көзүм жетти. Ошондой эле Фин-Билим-Сити шаары менин жашоомдун багытын өзгөрттү жана өз алдынча пландарды түзүүгө да жардам берди. Бул лагерь мага каржылык сабаттуулукту гана үйрөтпөстөн, ошондой эле жагымдуу маанай тартуулап, бул жерден көптөгөн көндүмдөргө ээ болдум деп айта алам. Ошондой эле бул лагердеги окуучуларды көрүп, көп жаңы нерселерди өздөштүрдүм. Фин-Билим-Сити шаарындагы 10 күн 10 жылга тете болуп, бул жакта жашоонун анык жүзүн көрдүм. Кийин анализдеп чыксам билимдүү гана киши жакшы жерде иштеп, мыкты маяна алып, ал болсо жашоосуна кеңири жетип, жыргап эле жашайт экен.

Кыргызда “алма быш – оозума түш” деген макал бар эмеспи. Ушинтип жумушсуз отурбай, иштегенге, деги эле бул жашоодо дайыма өнүгүүгө аракеттениш керек экендигин сездим. Мындан сырткары бизнесмен болуунун жолдорун үйрөндүм. Мен дайыма акчаны ата-энемден алып, ашыкча эле жумшай берчүмүн. Эми лагерден баргандан кийин акчаны сарамжалдуу иштетүүгө аракет кылам. Чынын айтсам бул лагерь менин жашоого болгон көз карашымды өзгөртө алды. Мен бул лагерден көптөгөн пайдалуу маалыматтарды, кеңештерди алганыма аябай эле кубанычтамын!



**Аскеров Азат, 17 жашта, Бишкек ш.**

*Мен “домино” принцибин жакшы көрөм – адам бир гана-жалгыз аракетти жасаганда бүт дүйнө өзүнөн өзү өзгөрөт. Лагердин уюштуруучулары ушундай чынжырдуу реакцияны ишке киргизди – мындай маалыматты алып, аны менен бөлүшпөй коюу мүмкүн эмес.*

# Биз – кадимки балдарбыз. Бирок эми бизде маалыматка жеткиликтүүлүк көбүрөөк

***- Сиз Бишкек шаарынын Уставын окудуңуз беле?***
***- Жок.***
***- Бекер кыласыз.***

- Бекер кыласыз, урматтуу окурман. Анткени эгерде сиз ушул документти окуп чыкканда, ал жерден “интернационализм”, “тилектештик”, “өз ара жардамдашуу”, “мекенчилдик” деген сөздөрдү тапмаксыз. Сиз бул сөздөрдүн мааниси тууралуу ойлонуп, Бишкек шаарында жашаган ар бир жаран, Кыргыз Республикасынын ар бир жараны, дүйнөнүн ар бир жараны кандай болушу керектигин түшүнмөксүз. Сиз кимдир бирөө үчүн эмес, өзүңүз үчүн ушундай болуш керектигин баамдамаксыз. Анткени эгерде өлкөнүн ар бир жараны Уставды карманганда, көп айтылып келген тынчтык, бакыт, өнүгүү да болмок. Сиз баарыбыз умтулган нерселер бар экенин, бирок азырынча кагазда гана жатканын түшүнмөксүз. Негизги көйгөй – көптөр Уставды билбейт, ал эми билгендер болсо бул документтин маанисин түшүнбөйт.

Эгерде сиз, урматтуу окурман, 10 жылдык өмүргө тете 10 күн бою мен жашаган муниципалитетте болгонуңузда, заманбап коомду куруу үчүн бул түшүнүктөр канчалык маанилүү болгонун көрмөксүз. Анткени Фин-Билим-Ситинин өз Уставы бар болчу, бирок чыныгы шаарлардан айырмаланып, Фин-Билим-Ситинин Уставы кыңк этпестен аткарылчу. Белгилей кетчү нерсе, бул Устав менен эч ким жакындан тааныш эмес эле.

Өлкөнүн түрдүү аймактарынан келген, ар башка улуттагы, ар кандай көз караштагы 50 окуучу – бул адамдардын баары тынчтыкта жана ынтымакта, араздашпастан жашашты. Бул нерсени карап отуруп, келечекке ишеним да пайда болот экен. Сынчылдар “булар өлкөдөгү эң акылдуу, тарбиялуу, аң-сезими күчтүү балдар. Албетте алар тынчтыкта жана ынтымакта жашайт” деп айтышы мүмкүн. Бирок анда эмне үчүн калган адамдар да ушундай боло албайт? Анткени ушул 50 “мыкты” башкаларга окшогон эле балдар, болгону аларда маалыматка жеткиликтүүлүк көбүрөөк. Ушундан кийин бир ой келди – эгерде бардык балдарга ушундай маалыматка жеткиликтүүлүк берсе эмне болот? Мына ушул кең келечек болуп жүрбөсүн?

Бул лагерь мага өтө баалуу маалыматка жеткиликтүүлүктү берди. Ал эми мен өз өлкөсү үчүн мыкты келечекти каалаган адам катары аны башкалар менен бөлүшүүнү каалайм. Мен “домино” принцибин жакшы көрөм – адам бир гана-жалгыз аракетти жасаганда бүт дүйнө өзүнөн өзү өзгөрөт. Лагердин уюштуруучулары ушундай чынжырдуу реакцияны ишке киргизди – мындай маалыматты алып, аны менен бөлүшпөй коюу мүмкүн эмес.

Бул билимдер менин жашоомду өзгөрттү. Мен дайыма өзүмө көп ишене бербеген адам болчумун. Менин ар бир жасаган ишим күмөн саноо менен коштолчу – баарын эле туура жасап жатамбы? Туура жасаган күндө деле аны башкалар кандай кабыл алат? Ошондой эле мен Шаардык кеңештин депутаты кызматына талапкерлигимди койгондо да күмөн санап туруп алдым. Менин көндүмдөрүм колдонулбай, ушул жерден эч кимге кереги жок, кадимки эле Азат бойдон кетип каламбы деп абдан корктум. Бирок мен жаңы досторду тапкандан кийин бардык нерсе өзгөрдү. Алардын колдоосу менен өзүмө болгон ишенич пайда болуп, Шаардык кеңештин депутаты болдум. Кеңештин депутаты ролунда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишиндеги көп өзгөчөлүктөрдү үйрөнө алдым. Александр Сергеевичтин жардамы менен депутат – бир жагынан өтө оор милдет болгонун, анткени көптөгөн пикирлерди эсепке алыш керектигин, экинчи жагынан – бул абдан сыйлуу иш экенин, себеби башкалар дүйнөнү өзгөрткөн адамдарды баалашарын түшүндүм. Ушул кыска 10 күндүн ичинде шаардын жашоосун өзгөртүп жибердим деп деле айта албайм. Бирок мен муну мындан да көбүрөөк мөөнөттө жасаса болоруна көзүм жетти. Балким мен кызуусуна кирип алсам керек, анткени менде биз жашаган коомду өзгөртүү каалоосу пайда болду

Айсулуу Жамангуловага мыкты тренингдери үчүн ыраазычылык билдирбей коюу кылмышка тете болмок. Бул маалымат мен үчүн таптакыр жаңылык деп айта албайм, бирок ал мага маанилүү боштуктарды толтурууга жардам берди. Ошол боштуктардын айынан мен үчүн акча чогултуу кыйын болчу. Эми каржылык билимге ээ болуп, мен графикалык планшет сатып алып, графикалык дизайнды үйрөнүп, жакшы университетке өтүү үчүн, дүйнөнү өзгөртүү үчүн акча чогулта баштайм. Бир сөз менен айтканда Александр Сергеевич мага дүйнөнү кантип өзгөртүш керектигин көрсөтсө, Айсулуу эже бул үчүн аспаптарды берди.

Фин-Билим-Ситиге ушундай жакшы маанай, жогорку деңгээлдеги билим үчүн рахмат. Өзүмдү Шаардык кеңештин депутаты катары сезүү мүмкүнчүлүгүн түзгөнүңөр үчүн рахмат. Менин жашоомду өзгөрткөнүңөр үчүн рахмат.





**Даниярова Сайкал, 16 жашта, Ош ш.**

*Лагерге чейинки өз жашоомду эстегенде бир аз уялып кетем. Анткени мен да адамдардын үчүнчү типине кирчүмүн. Эми мунун баары артта калды, мен эми биринчи типтеги адамдардын катарына – каржылык жактан сабаттууларга кирем.*

# Мен “Кантип бай болуш керек?” деген суроого жооп алдым

- Жайкы мектепке катышууга өтүнмө жазып жатканда эле мен эс-дартым ушул жерде болчу жана кандай болорун элестетүүгө аракет жасадым. Менин өтүнмөмдү кабыл алышканын укканда, менде ушул лагерге катышууга чакыруу бар болгонун билгенде абдан кубандым. Менде көп пландар жана үмүттөр бар эле. Мен өзүмдүн алдыма максат койгом: каржылык сабаттуулук, канткенде көп акча таап, аукциондо өзүмө, үй-бүлөмө жана досторума көп буюмдарды сатып алса болоору тууралуу мүмкүн болушунча көбүрөөк маалымат алуу. Лагерь менин үмүттөрүмдү актады.

Мен өтө тартынчаак адаммын. Башкалардын алдында сүйлөп, оюмду жеткирүүгө кайрат жетишчү эмес. Мен атүгүл бийлегенди да билчү эмесмин. Дайыма өзүмдү алып баруучунун ролунда сынап көрүүнү кыялданчумун, бирок мындай мүмкүнчүлүгүм жок эле.

Айсулуу эженин жардамы менен жакшы, заманбап бийлегенди үйрөндүм. Бирок эң негизгиси – “Кантип бай болуш керек?” деген суроого жооп алдым. Ар бир сабакта Айсулуу эже жаңы темаларды түшүндүрүп жатты, мен аларды абдан жакшы өздөштүрдүм. Көрсө, акча жаздыктын алдында жатпай, иштеп, көбөйүш керек экен. Каражатты депозитке салып койсо болот, бирок бул тобокелчиликтүү вариант. Бул вариантты тандаган күндө деле ар кайсы банкка 100 000 сомго чейин салып коюш керек. Эгерде банк банкротко учураса, анда 100 000 сомго чейин гана компенсация төлөнөт экен. Бир топ тобокелчиликтүү вариант – акциялар. Анткени акциянын наркы түшүп кетип, кайра бир заматта көтөрүлүшү мүмкүн. Ошондуктан эң жакшы варианты – облигациялар, баалуу кагаздар. Аларды сатып алганда ай сайын пайыздар кошула баштайт. Облигацияларда кемчиликтерине караганда жакшы жагы көбүрөөк болот!

Кирешелердин пассивдүү жана активдүү түрлөрү болот экен. Пассивдүү киреше – күч да, убакыт да сарпталбаган киреше. Ал эми активдүү киреше тескерисинче болот. Күн сайын чыгашалардын жана кирешелердин эсебин жүргүзүп, өзүңдүн каржылык абалыңа анализ жасап, акча акыл-эстүү сарптоого аракеттениш керек.

Мен эми адамдар акчага карата үч типке бөлүнөрүн билем. Биринчи типке тапканына караганда азыраак акча сарптаган, каржылык жактан сабаттуу адамдар кирет. Экинчилери канча тапса, ошончо короткондор, аларга бир аз жардам бериш керек, ошондо алар акчаны акылдуулук менен сарптай баштащат. Ал эми үчүнчү типтеги адамдар – тапканына караганда көп короткон, каржылык жактан сабатсыз адамдар. Лагерге чейинки өз жашоомду эстегенде бир аз уялып кетем. Анткени мен да адамдардын үчүнчү тибине кирчүмүн. Эми мунун баары артта калды, мен эми биринчи типтеги адамдардын катарына – каржылык жактан сабаттууларга кирем.

Мен “Кантип бай болуш керек?” деген суроого жооп алдым. Бай адам – бул акча топтогондон кийин гана аны сарптаган адам. Ал эми кедей адам бир заматта баарын коротот жана топтогонго акчасы калбайт. Байлык – бул акчаны чогулта билүү. Ошону менен бирге акчаны кандай максатта топтоп жатканыңды билүү маанилүү. Акчаны чогултуу үчүн топтобош керек. Ошол топтолгон акчанын жардамы менен кайсы максатка жете турганыңды түшүнүш керек. Бир нерсени сатып алууну көздөгөндө гана акча чогултуу каалоосу пайда болот.

Биз “төрт конверт” эрежеси, “каржылык бакубатчылык пирамидасы” жана башка маанилүү нерселер тууралуу билдик. Эгерде Айсулуу эже бизге үйрөткөндүн баарын санап берсем, анда кагаз бетине батмак эмес. Ошондуктан мен ага терең ыраазычылыгымды билдирем!

Мен өзүмдү алып баруучунун ролунда сынап көрдүм жана бул нерсе мага абдан жакты. Өткөрүлгөн тренингдердин жардамы менен толкунданбай, өз оюмду конкреттүү жана так жеткирүүнү үйрөндүм. Сухробжон Хакимжанович “Көп түрдүү дүйнө” темасында өтө кызыктуу тренингди өткөрдү. Тренингден кийин мен бир тыянакка келдим: бардык көйгөйлөргө жана жаман иштерге адам өзү күнөөлүү. Биз өз мүнөзүбүздү, темпераментибизди, чач жасалгабыз-

ды, кийим-кечебизди ж.б. өзгөртө алабыз. Бирок тегибиз, көрүнүшүбүз жана кебетебиз өзгөрбөйт. Кандай гана кырдаал түзүлбөсүн, баарыбыз адам болгонубузду унутпашыбыз керек.

Лариса Владимировна жана Алима Абдилакимовна өткөргөн тренингдерди белгилеп кетким келет. Алар жаңжалдар менен эч нерсе чече албай турганыбызды, ал эми командада болсок гана тоолорду омкоро аларыбызды мисалдар менен түшүндүрүп беришти. Командалык иш, командалык маанай – буларсыз жашоо мүмкүн эмес.

Менин эң чоң жетишкендигим журналистикага кириш болду. Мен “Шаар кабарлары” маалымат бюллетенининин башкы редактору болгонума сыймыктанам. Үйгө барганда ата-энеме жазган эмгектеримди көрсөтөм жана журналист болсомбу деп ойлонуп калдым.

Мага “Биздин өлкөдө эң чоң көйгөй кайсы жана мамлекеттин экономикасын жакшыртуу үчүн кандай реформаларды жүргүзүш керек?” деген суроону узаткан Нелли Яковлевнаны белгилегим келет. Ал Кыргызстанда көйгөйлөр болуп келгенин, бар экенин жана боло берерин, кептин баары реформада эместигин, мен биринчи кезекте өзүм жөнүндө, андан кийин гана мамлекет тууралуу ойлонушум керектигин айтты. Өз жашооңду жакшыртуу менен, биз өлкөнүн жашоосун да жакшыртабыз. Анын сөздөрү чоң таасир калтырды. Менде өзүмө болгон чоң сый сезим пайда болду.

Үйгө баргандан кийин ушул маалда тапкан досторумду сагынам. Педагогдорду жана эксперттерди да сагынам. Александр Сергеевич 9 күн бою сүрдүү көрүнгөн эле. Бирок онунчу күнү ал ак көңүл адам экенин, ал эми анын катуу мамилеси бизди “мойнуна отургузгусу” келбегенинен улам болгонун түшүндүм. Айсулуу эже – универсалдуу айым, жакшы бийлейт, мыкты адис, өз оюн кыска жана ачык жеткире алат. Аркадий Михайлович – кээде сүрдүү, кээде ак көңүл, айрым учурларда олуттуу, ал эми кайсы бир убакытта бизди күлдүрүш үчүн бирөөнү туурачу. Маргарита Өмүрбековна лагерди абдан жакшы башкарды, абдан ак көңүл адам экен, бизге колдоосун көрсөтүп турду. Урматтуу кураторлор, ушул 10 күндүн ичинде силер бизге ата-энебиздей мамиле жасадыңар.

Мен өз шаарыма барып, бул жерден алган билимимди башкалар менен бөлүшөм деп сөз берем. Мектепте, кошуналарга, досторума жана туугандарыма, эң негизгиси ата-энеме баарын айтып берем.





# Менин шаарым кантип жаралды?

**Жыргалбеков Аман, 14 жашта, Нарын ш.**

*Сенин Мекениң ойдогудай эмес десең да,
Ушул талааны танда,
өз Мекениңди танда!
Сен аны Батыштан да таза кармайсың,
Туштуктөн,
Чыгыштан жана
Түндүктөн да мыкты болот!*

Мен гүлдөн түшкөн үрөн сымал элем.
Кайсы жерге конорумду биле албай,
Кайсы жер жакшы экенин, кандай гүл болорумду баамдабай,
Түз талаада шамал менен кошо бийледим.

Түндүктө таза, бирок суук болгонун;
Түштүктө жылуу, бирок кургак экенин көрдүм;
Чыгыш өтө эле нымдуу;
Ал эми Батышта ыңгайлуу, бирок булганч.

Түз талаада шамал менен кошо бийледим,
Бирок акырын чыккан үнду эшиттим:
Сенин Мекениң ойдогудай эмес десең да,
Ушул талааны танда, өз Мекениңди танда!

Сен аны Батыштан да таза кармайсың,
Туштуктөн, Чыгыштан жана Түндүктөн да мыкты болот!
Мен көпкө күмөн санадым,
Бирок ошол үндү тыңдадым –

Ээн жерде, Мекенимде орун таптым.
Кыйналдым да, үшүдүм да,
Бирок жамгыр мени сугарды,
Тааныш үн мени соороттУ,

Өсүп-өсүп отуруп күн карамага айландым.
Мени көргөн башка үрөндөр да
Күн издегенсип мени көздөй учушту.
Биз үрөн чачып, талааны гүлдөттүк.

Менин Шаарым ушинтип жаралды.





**Зимин Вадим, 17 жашта, Кара-Балта ш.**

***Пресс-кызматтын жетекчиси ролун ойноп, келечекте мен чындап кандай иш менен алектенсем болорун түшүндүм. Мага өзүм жасаган иш абдан жакты. Эми мен өз күчүмө көбүрөөк ишенип калдым. Толук ишенбесем да, күч менде бар болгонун билем.***

# Мен таштар теориясын ойлоп таптым

- Мен акырын басканды үйрөндүм; санаалаштарды таптым; жашоонун жаңы баскычына өттүм; таштар теориясын ойлоп таптым; суу алдында бийлегенди үйрөндүм; белекке кыска моюн, темгили бар акыраны алдым; “пресс-кызматтын” “майын” кетирдим; камкор экенимди көрсөттүм; коопсуздук кызматын чакырып, дүйнөнү жыландардан сактап калдым; 12 (!) күн көлгө түшпөй кармандым; муниципалитеттин жарымы тууралуу чуулгандуу тасма тарттым, бирок аны колдонгон жокмун; педагог-кураторлорду туурадым; жерге оонадым; тамактын ичинен кыл таптым, бирок баары бир тамакты ичип койдум; ашканада өз столумду эч кимге бербей, аягына чейин кармап бердим; эң чынчыл жашоочу болдум; бир кило таттуу жедим.

Эми бир аз, кичине эле олуттуу баяндап берейин…

Он жыл мурда биздин топ ээн шаарга түшүп калды. Биздин шаарда баша-ламандык, бүлгүн, жумушсуздук өкүм сүрүп турду. Бирок биз – пионерлер, жол баштоочулар шаарды кайрадан куруу иши өз колубузда деп чечтик. Биз башында кимдин колунан эмне келсе, ошол ишти жасай баштадык. Бирок көп өтпөй көптөр конкреттүү түрдө эмне кыларын түшүндү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары пайда болду, жашоо жакшы нукка бурулду. Шаар жашап кетти, шаар жашап жатат.

Мен ким болдум? Мен чыгармачыл эркин адам болдум – тиги жакта макала жаза коюп, бул жакта иш-чара өткөрүп дегендей... Жокко чөкпөй, барга көппөй. Анан эле бир маалда саясий турмуш башталды – эл жамаат болду жана башкаруучуларды тандай баштады. Жергиликтүү кеңеш – өтө жоопкерчиликтүү... сот – өтө жоопкерчиликтүү... шаардык кызматтын жетекчиси – өтө жоопкерчиликтүү... мен жоопкерчиликтен корктум жана муну өзгөртүүгө эч аракет көргөн жокмун. Бирок эртеби, кечпи өзгөрүш керек. Ошентип пресс-кызматтын жетекчиси болуп калдым. Менин карамагымда бир гана жардамчы бар, бирок ал өтө ишенимдүү жана ар тараптуу. Камераны көтөрүп алып чуркамай, кабарлар, маектер, видео тасмалар. Бир заматта башыма иш түштү, жоопкерчиликтен качып кетүү мүмкүн болгон жок. Эмесе, бир нече “жыл” бою пресс-кызматтын жетекчиси болуп кызмат өтөдүм. Иш чачтан көп – жоопкерчиликтен коркуп отурганга убакыт жок. Кийинки күнү эле ишке баш-отум менен кирип кеттим. Эң таң калычтуусу – муну баары өтө кызык болду. Пресс-кызматтын жетекчиси ролун ойноп, келечекте мен чындап кандай иш менен алектенсем болорун түшүндүм. Бирок келечек жашоом тууралуу ойго батып, кесиптердин деңизинде сүзүп жүргөндө ишим гана алтындын бир бүртүгүн табууга жардам берген жок. Мага өзүм жасаган иш абдан жакты. Эми мен өз күчүмө көбүрөөк ишенип калдым. Толук ишенбесем да, күч менде бар болгонун билем.



# Биздин айылда менден көпту күтүшөт...



**Калыбекова Назгуль, 16 жашта, Казарман а., Жалал-Абад облусу**

***Долбоор мага жаңы досторду таап, мектептин тышында мени кандай жоопкерчилик күтүп турганын түшүнүүгө жардам берди.***

- Өз айылыма барганда долбоордук топ менен бирге жогорку класстын окуучулары үчүн тренингдерди жана семинарларды өткөрөм. Алар насыя алып, аны сарптап, кирешесин ойлобостон эле чыгымдарын көбөйткөн ата-энелеринин катасын кайталабаш керек. Биздин ата-энебиз балдары эч нерседен кем өспөсүн деп акча берип турушат. Бирок ата-энелерибиз үй-бүлөлүк бюджетти пландабайт, акчаны башкарганды, топтогонду билишпейт, көп учурда карыз алып жашашат. Биз, балдары да алардан үлгү алып жатканыбыз жаман көрүнүш. Менин бардык классташтарым, жана досторум, алардын ата-энелери каржылык жактан сабатсыз. Бул билим болбосо, келечекти кантип курабыз?

Мен жаңы билимге ээ болду жаңы досторду таптым. Айылымда менден көптү күтүшөт. Мүмкүн болушунча көбүрөөк адам менен каржылык сабаттуулук тууралуу билимим менен бөлүшкөнгө аракет жасайм. Бул билим мага жана айылдагыларга үй-бүлөбүздү, өлкөбүздү бай жана бакубат кылууга жардам берет деп ишенем.



# Бай болуубу? Акчага мамилени өзгөртүү!



**Мендигулова Нагима, 17 жашта, Талас ш.**

- Жайкы мектепте биз көп нерсени үйрөндүк жана көптү көрдүк. Бул он жыл (күн) мен үчүн өтө аз болуп калды, бул шаарыбыз мындан ары да жашай беришин каалайт элем. Биз жөн гана шаардын моделин курбастан, аны иш жүзүндө да сынай алдык. Бул өтө чоң тажрыйба, анын бизге пайдасы келечекте көп жолу тиет деп ишенем. Фин-Билим-Ситиде ар бир адам өзү каалаган ишти таап, талантын жана жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды. Мен үчүн эң маанилүүсү – биз максатыбыз кандай, дегеле эмнени каалай турганыбызды ойлонуп калдык. Кимдир бирөө мыйзамды иштеп чыгууга баш-оту менен кирип кетсе, башкасы ылайдан бир нерсе жасап, дагы башкалары өзүн бизнесте сынап көрдү. Мен болсо социолог болуп иштедим. Биз күн сайын шаардыктар арасында сурамжылоо жүргүзүп, түрдүү кызыктуу рейтингдерди түзүп жаттык. Ошолордун жардамы менен мен шаарды ичинен көрүп, ар бир жашоочу менен жеке тааныша алдым. Кээде ишке алагды болуп, биздин жарандарыбыз түшкү тамактанууга баргысы келбей да жатты. Биз чоңдорго окшоп көйгөйлөрдү чечип, шаардын турмушуна активдүү катышып, бири-бирибиздин пикирибизди урматтаганды үйрөндүк. Менимче биз он жылга чоңойдук.

*Мен ата-энеме “төрт конверт” эрежеси, ал биздин үй-бүлөлүк бюджетибизди жакшыртууга жардам бере турганы тууралуу айтып берем деп сөз берип койдум.*

Бул жерден алган эң баалуу билим – ар бир адам каржылык жактан камсыздалган болууга жөндөмдүү. Ал болгону акчаны туура башкарып, дегеле акчага болгон мамилесин өзгөртүш керек.

Биздин педагогдор өз ишин мыкты билген жогорку квалификациялуу усталар болуп чыкты. Алар бизге тырмышып билим алганды, башка адамдар менен каржыны башкаруу тууралуу билгенибиз менен бөлүшкөндү үйрөтүштү. Мен ата-энеме “төрт конверт” эрежеси, ал биздин үй-бүлөлүк бюджетибизди жакшыртууга жардам бере турганы тууралуу айтып берем деп сөз берип койдум. Биздин окуучуларга өтө турган тренингдерибиз ушундай эле пайдалуу жана кызыктуу болот деп ишенем, биз бул жерден алганыбызды башкаларга жеткирүүгө аракет жасайбыз.

Окуудан жана иштен тышкары кечинде өзүбүздү түрдүү иш-чараларда көрсөтүп, убакытты көңүлдүү өткөрүү мүмкүнчүлүгү болду. Көптөр дос күттү жана азыр биздин жакшы көргөн Фин-Билим-Сити шаарыбызды таштап кетүү мен үчүн оор болуп турат! Мен Жайкы мектептин уюштуруучуларына каржылык сабаттуулук тууралуу окуу, билим берүү идеясы үчүн абдан ыраазымын. Жайкы мектеп өз ишин улантып, мындан ары да гүлдөй беришин каалайм!



**Мусаева Карина, 17 жашта, Талас ш.**

# Менин көпчүлүк көйгөйлөрүм – бул болбогон кеп, ал эми кейип, даттануу пайдасыз жана маанисиз иш!

*Үйүмө баргандан кийин өз чыгашаларымды көзөмөлдөө үчүн сөзсүз түрдө ар бир аптага бирден кылып 4 конверт ачам!*

- Сынактан өтүп, Фин-Билим-Ситиге келүү – бул чоң жетишкендик. Бул Жайкы мектеп – билимдин чыныгы кенчи, аны баалабай коюу мүмкүн эмес. Мен көп жаңы жана пайдалуу нерселерди үйрөндүм. Кимди кедей, ал эми кимди бай деп эсептесе болорун билдим жана бул нерсе менин буга чейинки ойлоп келгенимден такыр башкача болуп чыкты. Мен адамдар акчаны сарптоо жөндөмү боюнча үч категорияга бөлүнө турганын билдим (тилекке каршы дайыма эле баары туура колдоно бербейт, ошондуктан адамдарды өз каражатын туура бөлүштүрүүгө үйрөтүш керек); каржы аспаптары, каржы базары жана башка көп нерселер тууралуу биле алдым.

Бул 10 жыл (күн) бою мен шаардык кеңештин депутаты болуп иштедим. Бул иш мага жергиликтүү кеңештин милдеттенмелерин, ыйгарым укуктарын билүүгө жардам берди. Мага катчынын кызматы тийгендиктен документтерди туура тариздегенди, салык төлөп, түрдүү бланктарды толтурганды үйрөндүм. Бизге мыкты педагогдор сабак берди. Бирок Айсулуу Жаманкулованын дарстары өзгөчө жакты. Ал менде анын кеңештерин кармануу, каржылык жактан ийгиликтүү адам болуу каалоосун жаратты. Менде максатка жетүү аракети пайда болуп, биринчи жолу өз максаттарыма жетүүнүн ачык жана айкын жолун көрдүм.

Жайкы мектепке чейин көп убакыт бою акция деген эмне экенин билбей келгем. Мен бул маалыматты интернеттен издеп, улуулардан сурачумун. Бирок баары бир канааттандырган жоопту ала алган жокмун. Ушул жерден гана, Жайкы мектепте Айсулуу акционердик капиталдын маңызын жана маанисин, акциялар менен облигациялар ортосундагы айырманы жеткиликтүү кылып түшүндүрө алды.

Бир жолу чарчаганыбызды жана начар көңүл буруп калганыбызды көргөн Айсулуу бизге колу-буту жок адам тууралуу сабак болорлук видеону коюп берди. Бул менин жашоомдогу бурулуш учур болду. Менин көпчүлүк көйгөйлөрүм – бул болбогон кеп экенин, ар бир адам өз максатына аракет аркылуу жете турганын, ал эми кейип, даттануу пайдасыз жана маанисиз иш экенин түшүндүм.

Мен эми керектөөлөр менен каалоо ортосундагы айырманы, акчаны кантип

***Мен эми керектөөлөр менен каалоо ортосундагы айырманы, акчаны кантип иштетип, аларды кантип чогултуп, сарпташ керектигин, каржылык жаздыкты түзүү зарылдыгын, эсеп-кысап жүргүзгөндү жана кирешелер менен чыгашаларга анализ жасаганды билем.***

иштетип, аларды кантип чогултуп, сарпташ керектигин, каржылык жаздыкты түзүү зарылдыгын, эсеп-кысап жүргүзгөндү жана кирешелер менен чыгашаларга анализ жасаганды билем. Үйүмө баргандан кийин өз чыгашаларымды көзөмөлдөө үчүн сөзсүз түрдө ар бир аптага бирден кылып 4 конверт ачам!

Бизди түрдүү каржылык ыкмаларга жана амалдарга үйрөтүү жетишсиз. Биз өспүрүм экенибизди, жашоо али алдыда болгонун эсепке алуу менен акча максат эмес, болгону аспап экенин эстетип, адеп-ахлакты да унутпашыбыз керек.

Биздин таланттарыбыз жана жөндөмдүүлүктөрүбүз ачылды. Мисалы, мен сахнадан коркчумун, эл алдында чыкканда өтө толкундачумун. Бирок Фин-Билим-Ситиде мунун баары жоголду. Өзүмө таң калычтуусу – мен мода көрсөтмөсүнө катыштым. Бул менин биринчи, бирок ийгиликтүү тажрыйбам болду. Өзүмдү кол өнөрчүлүктө да сынап көрдүм – биринчи жолу ылайдан буюм жасадым. Мен өзүмдө катылып жаткан бөлүктү алып чыктым. Көрсө мен башка адамдар менен таанышканды жана аларга жылмайганды, ачык жана эркин болгонду жакшы көрөт экенмин. Мен жаңы нерсени сынап көрүп, андан коркпогонго үйрөндүм.

Нелли Яковлевна Симонова менден "Эгерде аракет кылбасаң, анда сен өзүңдү кантип табасың?" деп сурады. Мен ойлонуп калдым. Ошондон кийин аракет кылууну чечтим. Мисалы, мен дайыма бийлегенди билбейм деп ойлочумун. Бирок бир жолу аракет кылдым эле – мага абдан жакты! Мен эң негизгисин түшүндүм: аракет кыл, үйрөн, ошондо баары колуңан келет экен!

Ушул укмуш лагердин катышуучуларынын катарында болуп калганыма кубанычтамын. Чындыгында өзүм күткөндөн да көптү үйрөндүм. Ушундай унутулгус күндөр үчүн рахмат!



**Сыдыкбек кызы Алия, 15 жашта Жалал-Абад ш.**

***Мен бардык балдар акчаны баалап, аларга туура мамиле жасап, аны акыл-эстүү пайдаланганды билсе дейт элем. Алар өз ата-энесинин каталарын кайталабаш керек.***

# Чоңдорго окшоп иштеген, өз ишиң үчүн алардай жооп берген кыйын, бирок кызыктуу экен!

- Фин-Билим-Сити Муниципалитетине Кыргызстандын булуң-бурчунан эң мыкты, эң таланттуу элүү бала келди! Анын ичинде мен да бармын! Көпкө күтүлгөн лагерь акыры 2014-жылдын 12-июнунда ачылды. Пансионат мени кубанычтуу жана жылуу тосуп алды. Алдыда максат бар эле – каржылык жактан сабаттуу болуу.

Мен инвестиция, каржылык аспаптар деген эмне экенин билчү эмесмин. Акчаны кантип пайдаланыш керектиги тууралуу түшүнүгүм да жок эле. Жайкы мектептин жардамы менен күн сайын өз кирешелер менен чыгашаларга эсеп жүргүзгөндү, акча топтогонду үйрөндүм. Байлар адегенде акча топтоп, андан кийин гана аны сарптай турганын түшүндүм. Ал эми кедейлер адегенде короткуп, андан кийин карызга батышат. Ийгиликтүү болуш үчүн каржылык жактан сабаттуу болуш керек, ошондо гана белгилүү бир максатка жетүү мүмкүн.

Биринчи жолу банкта чоң кишилерге окшоп иштеп, маяна алдым. Албетте чоңдорго окшоп иштеген, өз ишиң үчүн алардай жооп берген кыйын, бирок кызыктуу экен! Анан ата-энемди аяп кеттим. Көрсө биз алардын камкордугун жана тынчсызданууларын түшүнбөй эле, болбогон нерсеге таарынып, мүмкүн эмес нерсени талап кылат экенбиз. Ал эми алар болсо биздин керектөөлөрүбүздү канааттандыруу үчүн күчүнүн болушунча эмгектенип, көп учурда өздөрүнө зарыл болгон нерседен баш тартып, бизди бактылуу кылуу үчүн колдон келгендин баарын жасашат экен. Адатта бул нерселерди өзүң да ата-эне болгондо түшүнөсүң, бирок акчаны башкаруу тууралуу билим ата-энени бала кезден эле түшүнүүгө жардам берет.

Бизде Жалал-Абаддагы Жаштар борборунун ыктыярчылары үчүн каржылык сабаттуулук боюнча тренингдерди өткөрүү идеясы пайда болду. Өзүм Жалал-Абадда жашабасам да, баары бир каржылык жактан агартуу иштерине катыша алам – 5-8-класстын окуучулары үчүн класстык сааттарды өткөрөм. Мен

ар бир бала акчаны баалап, ага туура мамиле жасап, аны акыл-эстүү пайдаланса жана ата-энесинин каталарын кайталабаса экен деп каалайм. Эң негизгиси – акчаны жаздыктын алдында “кокуй күн” үчүн деп сактабастан, аларды иштетиш керек.

Фин-Билим-Ситиде мен өзүмдү бактылуу сездим! Биз бул кызыктуу муниципалитеттин алгачкы жашоочулары болдук. Көптөгөн өтүнмөлөрдүн ичинен меникин тандап алышканы кубандырат. Жайкы мектепте сонун балдар-кыздар менен тааныштым, алар мага бир туугандай эле болуп калды. Аларды коё бергим келбей жатат, бирок жашоону токтото албарыбызды, баары өзгөрүп турарын билем. Биз сөзсүз жолугабыз деп ишенем, анткени жер тоголок эмеспи!



Талантбек кызы Чолпон, 16 жашта, Куршаб а., Ош облусу

# Жоопкерчилик жана өз алдынчалуулук!

- Жоопкерчилик жана өз алдынчалуулук – мына ушуга Фин-Билим-Сити муниципалитетинде үйрөндүм! Мага эмне таасир берди? Темалардын ар түрдүүлүгү, педагог-кураторлор, эң негизгиси – менин жаңы досторум, алардын ар бири – өзгөчө адам, башкалардан сөзсүз айырмаланып турушат! Өзгөчө бир бөлмөдө жаткан курбум, виртуалдык банкта иштеген кесиптештерим, ашканада чогуу тамак ичкен досторум.

Бул он күн мен үчүн маанилүү сабак болду. Түз жүр жана бир аз “келесоо болумуш” бол; ашканага акыркы болуп бар, бирок досторуң отурган столго отур; өзүңдөн кийин жыйнап кой; калемди жоготпо жана эртең менен көлдүн жээгинде бас. Мен такыр сууга түшкөн жокмун. Бекер кылыпмын. Акыркы күнү шамал жүрдү. Бирок мен үйгө баргандан кийин ушундай мүмкүнчүлүктү колдон чыгарганыма өкүнүп каламбы деп, баары бир сууга түштүм.

Азырынча иш жүзүндө текшере элек болсом да менин акчага болгон мамилем өзгөрдү. Мен көп нерсени түшүндүм, көп нерсени унуттум, бирок андан да көбүн жазып алдым. Көрсө менин блокнотум менден да көптү билет экен! Мен муну Айсулуу эжеге каржылык сабаттуулук боюнча тест тапшырганда билдим.

Негизгиси – өз ишиңди так аткаруу, милдеттериңе чын дилден мамиле жасоо, Жайкы мектептин окуусуна кызыгуу менен катышуу. Өз алдынча болуу менен өз сөзүм жана аракеттерим үчүн жооп бергенди үйрөндүм. Мен тартынчаактыгымды жеңдим жана башкалар мен тууралуу эмне деп ойлой турганы анча кызыктырбай калды. Эң негизгиси – мен өзүм жөнүндө кандай ойдомун.





# Мындан ары эмне?

## Каржылык жана муниципалдык сабаттуулук боюнча мектеп демилгелерин улантуу жана ФИН-БИЛИМ-СИТИ МУНИЦИПАЛИТЕТИНИН жаңы нөөмөтү

Логикалык жактан долбоор окуучуларга каржылык жактан агартуучулук багытындагы активдүүлүгүнө баштапкы түрткүнү гана эмес, жайкы мектептин катышуучулары иштеп чыккан кичи-долбоорлорду ишке ашырууну колдоону да ойлонгон. Долбоор бир нече баскычка бөлүнгөн эки фазадан турат. Долбоордун биринчи фазасы 2014-жылы ишке ашырылды. Экинчи фазаны ишке ашыруу көбүрөөк узак мөөнөттүү мезгилге эсептелиниши мүмкүн жана экинчи фазанын конкреттүү иш-чаралары биринчи фазаны ишке ашыруунун натыйжасы боюнча аныкталат. Ал эми фазаны каржылоо жана анын узактыгы донорлордун жана демөөрчүлөрдүн кооперация мүмкүнчүлүктөрүнө жараша болот.

2014-жылы биринчи фазанын алкагында төмөнкүдөй иштер жасалды:

- Педагогдорду – долбоордун катышуучуларын тандап алуу.
- Педагогдор үчүн көрсөтмө берүүчү семинар жана каржылык сабаттуулук боюнча жайкы мектептин программасын түзүү (18 адам).
- Жайкы мектепке катышуу үчүн жаштарды тандоо.
- Жайкы мектепти өткөрүү (50 катышуучу).
- Отчетту жана сунуштарды түзүү.

Болжол менен 2015-2016-ж.ж. ишке ашырылышы мүмкүн болгон экинчи фазанын алкагында төмөнкү иштер жасалышы мүмкүн:

- Жеке пландарды ишке ашыруу. Катышуучулар жеке өздөрү же каржылык сабаттуулук боюнча жайкы мектеп маалында же андан кийин куралган команданын курамында өз окуу жайларында жеке пландарын ишке ашырат, окуу процессинин же окуу мекеме-

синин коомдук турмушунун алкагында жеке пландарын аткарышат. Иш-чаралардын натыйжасы боюнча алардын активдүүлүгү каржылык сабаттуулуктун деңгээлине канчалык таасирин тийгизгенин, кандай практикалык натыйжаларды алып келгенин чагылдырган чыгармачыл отчетторду жана ийгиликтүү окуяларды даярдашат.

- Колдоо алууга педагогдор менен окуучулар командасы ортосунда сынак. Жеке өздөрү же каржылык сабаттуулук боюнча жайкы мектеп маалында же андан кийин куралган команданын курамындагы катышуучулар даярдаган чыгармачыл отчеттор жана ийгиликтүү окуялар улуттук сынактын алкагындагы жарыштын предмети болот. Сынактын жеңүүчүлөрү байге катары демилгени колдоого каржылык жардам алышат. Балким долбоордун биринчи фазасын ишке ашыруунун жүрүшүндө баштапкы баскычта катышуучулардын демилгелерин каржылоону уюштуруу мүмкүн болот.
- Тажрыйба алмашуу боюнча форум. Сынактын жеңүүчүлөрү жана долбоордун башка ийгиликтүү катышуучулары кызыкдар жактардын кеңири чөйрөсүнө, анын ичинде расмий билим берүү системасына, башкаруунун муниципалдык органдарына, мамлекеттик башкаруунун аймактык органдарына, эл аралык донордук уюмдарга, жаштардын бейөкмөт уюмдарына, ошондой эле башка аймактардагы курдаштарына жана педагогдорго өзүнүн ийгиликтүү тажрыйбасын көрсөтүп беришет. Балким форумдун жана сынактын базасында жаштардын каржылык сабаттуулугу боюнча формалдуу жана бейформал билим берүү түйүнү түзүлөт. Же болбосо каржылык контент өзүнүн артыкчылыктарына кайсы бир жаштардын түйүнүн кошот.
- Эл аралык мектептерге, форумдарга, мектептерге катышуу. Бул экинчи фазанын болжолдуу баскычы, ал эл аралык жайкы мектепти же турнирди уюштурууга жеткириши мүмкүн (КМШ же Борбор Азия өлкөлөрү үчүн).


## Экспертизанын жана тажрыйбанын айкалыштыгы - Фин-Билим-Сити муниципалитетинин ийгилик кепилдиги

Эмесе, 2014-жылдын күз мезгилине чейин окуучулардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча долбоордун биринчи фазасы гана ишке ашырылганына карабастан долбоор ийгиликтүү болду. Улантуу талап кылынат жана биз экспертиза менен тажрыйбанын уникалдуу айкалыштыгына ээ болгонубузду далилдөөгө даярбыз. Бул болсо дал ушундай формат маселеге олуттуу таасир эте алат деп ишенимдүү айтууга жол берет.

### Долбоордун негизги аткаруучусу – Өнүктүрүү саясат институту (www.dpi.kg)

– Кыргызстандык бейөкмөт уюм. Анын миссиясы – жергиликтүү жамааттарга жана башкаруу органдарына өз укуктарын жана адамдын татыктуу жашоо мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга көмөктөшүү. Калктын, анын ичинде жаштардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу миссиясы ишке ашыруу үчүн зарыл чара катары ӨСИнин артыкчылыктарына кирет. ӨСИ көбүрөөк элет калкы менен иштешет жана шаарлар менен айылдар ортосундагы каржылык жана экономикалык сабаттуулуктун деңгээлине карата ажырымды абдан жакшы билет. Бул ажырым көп учурда жашоонун төмөнкү деңгээлин жана элет калкы арасында өз укуктарын начар коргоону шарттайт. Ошол эле учурда ӨСИ жаштардын маселелери Кыргыз Республикасынын көптөгөн айылдарында артыкчылыктуу экенин тастыктаган маалыматтарга ээ. Бул маселелердин өзөгүндө заманбап билимге жеткиликтүүлүктүн жоктугу жана өзүн өзү өстүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн чектелүү болгону жатат. Каржылык сабаттуулук көйгөйүнө карата ӨСИ ушул маселени өкмөттүк чөйрөнү, бизнести, билим берүү системасын жана ММКны тартуу менен эл аралык деңгээлде талкуулаган Кыргызстандагы уюмдардын алгачкысы болуп калды. Айталы, ӨСИ демилгеси менен эки маанилүү окуя болду, алардын алкагында бул маселе биринчи жолу улуттук деңгээлде көтөрүлдү:

- Эл аралык конференция: “Каржылык сабаттуулук жана экономикалык журналистика туруктуу-



луктун жана жакырчылык менен күрөштүн фактору катары". 7-9-октябрь, 2011-ж. (http://2011.finliteracy.kg/);

- Эл аралык конференция: "Экономикалык журналистика базар экономикасын өнүктүрүүнүн фактору жана көрсөткүчү катары". 11-12-октябрь, 2012-ж. (http://2012.finliteracy.kg/).

### Долбоордун эл аралык өнөктөшү Москва Ачык билим берүү институтунун (http://schools.keldysh.ru) экономика кафедрасы (http://www.mioo.ru) болуп калды

Институттун миссиясы – Москва шаарындагы билим берүү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу (жакынкы аналогу – Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясы). Жыл сайын Институттун системасы аркылуу 22 миң адам өтөт. Квалификацияны жогорулатуунун түрдүү варианттары, анын бардык адистер жана мугалимдердин жана башкаруучуларынын категориялары үчүн "жеке траекториялары" модулдук принцип менен билим берүү процессинин калыптануусун камсыздайт. Ошондо педагог өзүнүн же чектеш билим берүү жаатындагы дүйнө таанымын кеңейтип, аны психологияда, коррекциялык педагогикада ж.б. кызыктырган суроолорун кеңейте алат. Долбоордун өнөктөшү – Экономика кафедрасынын негизги тапшырмасы – жалпы билим берүүчү жана профилдик мектептердин, лицейлердин жана гимназиялардын экономика мугалимдерине квалификацияны жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн берүү. Экономика кафедрасы экономикалык билим берүүнү жана мугалимдер кадрларын даярдоо жана кайра даярдоо системасын билим берүүгө негизделген жана мугалимде да, анын окуучуларында да экономикалык ой жүгүртүү жөндөмүн, экономикалык жана каржылык маданиятты, дүйнөнүн бүтүн картинасын андагы экономиканын ордун түшүнүүнү калыптандырган заманбап социомаданий инновациялык технология катары караштырат. Кафедранын профессору А. С. Прутченков Москвадагы жана Орусия Федерациясынын башка шаарларындагы окуучулар үчүн каржылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча акцияларды жана масштабдуу иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү жаатында чоң тажрыйбага ээ. Бул тажрыйба тууралуу профессор Прутченков 2011-жылы Кыргызстанда каржылык сабаттуулук боюнча конференцияда доклад жасаган (http://2011.finliteracy.kg/rus/materials/). Профессор Прутченковдун жана анын командасынын инновациялык усулдары ушул долбоордун алкагында пландаштырылган иш-чаралардын программасынын өзөгүн түзөт. Ал эми анын баа жеткис ар тараптуу тажрыйбасы Кыргыз Республикасынын педагогдоруна бул инновациялык усулдарды Кыргызстандын окуучуларынын жана студенттеринин каржылык сабаттуулугун жогорулатуу үчүн ийгиликтүү колдонууга жардам берет.

### Долбоордун улуттук өнөктөшү Билим берүү демилгелерин колдоо фонду болуп калды (http://edufeis.org)

Билим берүү жана ишмердиктин чектеш чөйрөлөрүндө инновациялык жана коомдук-пайдалуу демилгелерди колдоо үчүн түзүлгөн кыргызстандык бейөкмөт уюм. БДКФ миссиясы билим берүүнү өнүктүрүү, ошондой эле инновациялык социалдык технологияларды жайылтуу жана долбоордук иштерди жүзөгө ашыруу аркылуу Кыргыз Республикасында ачык коомду курууга көмөктөшүүдө камтылган. БДКФ артыкчылыктарынын ичине билим берүү, маданият жана илим жаатында демилгелерди социалдык долбоорлоо жана өнүктүрүү; билим берүү технологияларын иштеп чыгуу жана жайылтуу; билим берүү системасын реформалоо процесстерине көмөктөшүү кирет. Өз миссияларынын алкагында БДКФ бул долбоор үчүн маанилүү болгон иш-чараларды жана акцияларды үзгүлтүксүз уюштуруп турат. Мисалы, "Эвергриния Республикасы" – жаштардын билим берүү лагери. Анын жүрүшүндө 12 күндүн ичинде катышуучулар өз бийлиги, экономикасы, маданияты ж.б. бар мамлекеттин моделин курушат. Ошондой эле Балдардын Экономикалык Мектеби – 10 күндүк мектеп. Анын жүрүшүндө окуучулар оюн жана кызыктуу тапшырмалар формасында экономика тууралуу бардык маалыматка ээ болушат. Долбоорду ишке ашыруу маалында Кыргызстандагы мектептердеги өз алдынча башкарууну жана фонддун катышуусу менен түзүлгөн мектеп парламенттеринин, ошондой эле мектеп парламенттер Ассамблеясынын (түйүнүнүн) ишин уюштурууда БДКФнын баалуу билимдери пайдалуу болот.

**Өнүктүрүү саясат институту**

**2015-жылы ФИН-БИЛИМ-СИТИ МУНИЦИПАЛИТЕТИНИН жаңы нөөмөтүн өткөрүү жана балдардын өз мектептеринде жана коомчулугунда 2014-2015-жылдары ишке ашыра турган инновациялык долбоорлорун колдоо үчүн**

**ДОНОРЛОРДУ ЖАНА ДЕМӨӨРЧҮЛӨРДҮ ИЗДЕЙТ.**

**Муниципалитеттин моделине автордук укуктар Өнүктүрүү саясат институтуна таандык: www.dpi.kg, www.vap.kg, www.municipalitet.kg**

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун жаңылыктары

## Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын элчиси Чүй облусунун Ивановка айылдык аймагында болду



2011-жылы эле ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алгачкы пилоттук өнөктөштөрүнүн бири болуп калган Ивановка айылдык аймагында Кыргыз Республикасында Швейцариянын Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси Ренэ Холенштайн мырза жана Кызматташтык боюнча Швейцария бюросунун (КШБ) директорунун орун басары Реми Дуивен мырза жана башка расмий адамдар болушту.

Жолугушуунун жүрүшүндө ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун жетекчиси Бекболот Бекиев жана анын орун басары Сабина Градваль башында турган кызматкерлер долбоорду ишке ашыруунун баскычтары жана пландары тууралуу кыскача маалымат беришти. Өз кезегинде Ивановка айылдык аймагынын өкүлдөрү, анын ичинде айыл өкмөт башчысы, башчынын орун басары, жергиликтүү кеңештин төрагасы, биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топтун мүчөлөрү жана муниципалитеттин башка кызматкерлери коноктorго аймак, жергиликтүү бюджет, Долбоор менен кызматташууда жетишкендиктер, биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМжБ) тобунун иши тууралуу айтып беришти. Ошондой эле коноктор "Наристе" бала бакчасында болушту. Бул жерде долбоордун каражаттарына кошумча жайлар оңдолуп-түзөтүлүп, 40 баладан турган 3 топ ачылган. Ошондой эле сапар болгон күнү бала бакчанын аймагын тазалоо боюнча ишембилик өтүп жаткандыктан коноктор катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкананын ишмердиги менен таанышып чыгышты.

Айыл өкмөт башчысы Байдылдаев Мураттын айтымында, Ивановка АА бала бакчалардагы орундардын жетишсиздиги жана таштандыларды жыйноо жана чыгаруу көйгөйү элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоонун (ЭКБА) жүрүшүндө белгилүү болгон. "Биздин аймактын жашоочуларынын өздөрү буга катышып, өздөрү ушул көйгөйлөрдү эң артыкчылыктуу деп таап чыгышкан. Ушул иш-чаралардын жардамы менен биз өзүбүздүн артыкчылыктуу көйгөйлөрүбүздү конкреттештирип, тизме түзүп, бүгүнкү күндө аны чечүүнүн үстүнөн иштеп жатабыз".

## ЭҮЖӨБОЖ долбоору жаңы пилоттук муниципалитеттер менен тыгыз кызматташа баштады

2014-жылдын апрель айынын ортосунан тарта ЭҮЖӨБОЖ Долбоору 13 жаңы пилоттук муниципалитет менен тыгыз кызматташтыкты баштады. Пилоттордун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жеринде чечим кабыл алуу, жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн биргелешип аныктоо (ЭКБА) процессине жарандарды тартуунун усулдарын жана аспаптарын үйрөнүшөт. Окутуудан кийин ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн өздөрү айылдардын "ресурстук карталарын" түзүү, "көйгөйлөр галереясын" тизүү процессин башкарып, себеп-иликтөө анализин жүргүзө алышат.

Тренинг жана алынган билимди күнүмдүк иште милдеттүү колдонуу – бул ЖӨБ органдары менен

иш алып барууда ӨСИ жасаган салттуу мамиле. 2012-жылдан тарта он үч пилоттук муниципалитет Жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун Моделин мындайча жайылтышты. Ар бири үчүн биринчи эле кадам өз жамааттарында ЭКБА-сессияларын өткөрүү болду. Аныкталган муктаждыктар боюнча иштердин планы түзүлүп, активисттер Демилгелүү топторду түзүп, анда ЖӨБ органдары менен тыгыз аракеттешүү менен көйгөйлүү маселелерди чечип жатышты. Эми ушул он үч пилоттук муниципалитетте жыл сайын жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча коомдук угуулар өтүп турат. Айыл өкмөтү жергиликтүү кеңештин жана жергиликтүү жамааттын алдында жергиликтүү калк үчүн маанилүү маселелерди чечүү үчүн эмне жасалып жатканы тууралуу үзгүлтүксүз отчет берип турат. Натыйжалар жалпы сөздөр менен эмес, кеч киргенде көчөлөрдө жаңы устундарда жаркырап күйүп турган чырактардын, бала бакчалардагы жаңы орундардын, метрлеп тазаланган ирригациялык каналдардын саны менен эсептелет. Эсеп ушул устундарга сарпталган каражат менен, бала бакчадагы орундар жана километрлер менен да жүрөт.

Азырынча пилоттук муниципалитеттер 2012-жылы пландаштырган иштердин баары эле жасалган жок, бирок көп иш соңуна чыгып калды. 2014-жылдын күз мезгилинде ЖӨБ органдары артыкчылыктуу маселелерди чечүү үчүн кайрадан ЭКБА усулун колдоно баштайт, алар ЭКБА натыйжаларын 2012-жылдагы ЭКБАнын натыйжалары менен салыштырып, баалап, жергиликтүү жамаатка натыйжалары тууралуу отчет тапшырып, келечекке план куруп, жергиликтүү маанидеги көптөгөн маселелерди чечет. Негизгиси – ЖӨБ органдары жарандарды бюджеттик процесске тартууда, биргелешип пландоодо өз тажрыйбасына ээ. Жергиликтүү жамаатта да өз укуктары тууралуу билими жана артыкчылыктуу көйгөйлөрдү талкуулоого, пландоого жана чечүүгө активдүү катышууда тажрыйбасы бар.

Дагы да кыска убакыттын ичинде, бирок тажрыйбалуу кошуналар менен бирге “жаңы” пилоттор жолун баштады. Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы он үч айылдык аймакта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү жамааттардын керектөөлөрүн үйрөнө баштады.

## Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын жыйырма алты муниципалитети грант катары 1 миллион сомдон алышат

ЭҮЖӨБОЖ долбоору байге фонду 26 миллион сомду түзгөн 2014-жылдын Чакан гранттар программасынын сынагынын жыйынтыгын чыгарды.

“Жергиликтүү бюджет калктын артыкчылыктарына негизделип, жамааттын эң көйгөйлүү маселелерин чечкени өтө маанилүү. Биз ЖӨБ органдарына өз ишмердүүлүгүнө жарандардын артыкчылыктуу маселелерин изилдөө жана аларды бюджеттик процесске тартуу механизмдерин киргизүүгө жардам беребиз. Гранттык программа – бул ушул процесстин бир бөлүгү, башкалардан айырмалуу “машыктыргыч”. Аны колдонуу менен ЖӨБ органдары толугу менен калктын керектөөлөрүнөн куралган, жарандар өздөрү көптөгөн варианттардын ичинен тандап алган долбоорлорду ишке ашырат. Жөнөкөй тил менен айтканда, гранттык сынакта жеңип чыгыш үчүн муниципалитет жарандарды бюджеттик процесске тартуунун бардык баскычтарынан өтүп, кайсы долбоор гранттык каражат менен ишке ашырылыш керектигин тандоо мүмкүнчүлүгүн калктын өзүнө бериш керек. Гранттык программага катышуу муниципалитеттен эбегейсиз аракеттерди, жарандар менен бюджет тууралуу бардык маалыматтар менен бөлүшүүгө даярдыкты, ишинде мүмкүн болушунча көбүрөөк ачыктыкты талап кылат. Бул гранттык программанын башка бир маанилүү айырмачылыгы – бардык каражаттар адегенде жергиликтүү бюджетке жиберилет, андан кийин гана долбоорду ишке ашырууга сарпталат. Мындай механизм муниципалитеттерди инвестициялык долбоорлорду башкарууга, капиталдык бюджетти пландоого жана мамлекеттик сатып алууларды мыйзамдарга ылайык ишке ашырууга үйрөтөт”, - деп айтты “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ.

Баары болуп сынакка 37 табыштама түштү. Алардын ичинен 23ү Жалал-Абад облусундагы айылдык аймактардан, ал эми 14ү Ысык-Көл облусундагы элеттик муниципалитеттерден келди.

Курамына Кыргыз Республикасынын Өкмөттүк аппаратынын, КР Каржы министрлигинин, КР Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана регионалдык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин, КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруу биримдигинин, “Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы” коомдук бирикмесинин, Өнүктүрүү саясат институтунун жана Долбоордун өкүлдөрү кирген сынактык комиссия шайкештик критерийлери боюнча алдын ала кароодон өткөн 35 табыштаманы карап чыгып, өз бааларын койду. Алар койгон баалардын натыйжаларына ылайык, сынакта эң көп балл топтой алган 26 жеңүүчү аныкталды.

Мектепке чейинки билим берүү үчүн (бала бакчалар) шарттарды жакшыртууга, таза жана сугат сууларды камсыздоого, жолдорду оңдоого, элеттеги мектептердин абалын жакшыртууга, жаштарды кол-

доого, көчөлөрдү жарыктандырууга, көрктөндүрүүгө жана жашылдандырууга, электр менен камсыздоонун айрым бир маселелерин чечүүгө багытталган долбоорлор каржылык жардам алышат. Бул долбоорлордун ар бири Кыргызстандагы айылдардын жашоосун ыңгайлуу жана коопсуз кылууга салым кошот, ал эми айрым долбоорлор өлкөнүн келечеги үчүн иштеп бермекчи.

Гранттык сынакта жеңип алган Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы айылдык аймактардын долбоорлорунун тизмеси:

1. “Бактылуу балалык”, Октябрь АА, Ак-Суу району, Ысык-Көл облусу;
2. “Таза суу – жашоонун булагы”, Көк-Таш АА, Ала-Бука району, Жалал-Абад облусу;
3. “Таза кооm – таза жашоо”, Базар-Коргон АА, Ала-Бука району, Жалал-Абад облусу;
4. “Таза суу – саламаттыктын булагы”, Т.Балтагулов АА, Ала-Бука району, Жалал-Абад облусу;
5. “Жакшы жол – татыктуу жашоонун көрсөткүчү”, Көк-Серек АА, Ала-Бука району, Жалал-Абад облусу;
6. “Өсүп келаткан муун – өнүктүрүү саясатынын максаты”, Терек-Сай АА, Чаткал району, Жалал-Абад облусу;
7. “Сугат суу – бай түшүмдүн шарты”, Улахол АА, Тоң району, Ысык-Көл облусу;
8. “Баштапкы мектептин чатырын жабуу”, Кара-Ой АА, Ысык-Көл району, Ысык-Көл облусу;
9. “Мектептин жылытуучу системасын толугу менен оңдоо иштери жаш муундун саламаттыгын бекемдейт”, Сузак АА, Сузак району, Жалал-Абад облусу;
10. “Сугат суу – бай түшүмдүн булагы”, Жаңы-Жол АА, Токтогул району, Жалал-Абад облусу;
11. “Айылдын маданияты тазалыкта”, Кара-Суу АА, Аксы району, Жалал-Абад облусу;
12. “Сууга болгон урмат – өзүңө карата сый”, Кара-Жыгач АА, Аксы району, Жалал-Абад облусу;
13. “Айылдагы Маданият үйүн толугу менен оңдоо”, Ак-Дөбө АА, Жети-Өгүз району, Ысык-Көл облусу;
14. “Таза суу – саламаттыктын кепилдиги”, Бостери АА, Ысык-Көл району, Ысык-Көл облусу;
15. “Биздин келечек – жаштар”, Тогуз-Торо АА, Тогуз-Торо району, Жалал-Абад облусу;
16. “Суу өткөрүүчү түйүндүн ремонту”, Кереге-Таш АА, Ак-Суу району, Ысык-Кол облусу;
17. “Келечек” долбоору, жыйындар залынын курулушун жыйынтыктоо, Момбеков АА, Ноокен району, Жалал-Абад облусу;
18. “Тазалык айылдан башталат”, Акман АА, Базар-Коргон району, Жалал-Абад облусу;
19. “Жарык ыроологон нур”, Сумсар АА, Чаткал району, Жалал-Абад облусу;
20. “Айылдын жаңы конушунда трансформатордук подстанцияны орнотуу жана электр чубалгыларын алмаштыруу”, Талды-Суу АА, Түп району, Ысык-Көл облусу;
21. “Жарык айыл”, Чаткал АА, Чаткал району, Жалал-Абад облусу;
22. “Мектептин аймагында тосмолордун курулушу”, Ак-Шыйрак АА, Жети-Өгүз району, Ысык-Көл облусу;
23. “Суусу бар эл бактылуу”, Жерге-Тал АА, Аксы району, Жалал-Абад облусу;
24. “Мектеп – маданияттын чордону”, Чоң-Таш АА, Түп району, Ысык-Көл облусу;
25. “Эстеликтин аймагын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу”, Чоң-Сары-Ой АА, Ысык-Көл району, Ысык-Көл облусу;
26. “Талаптарга жооп берген электр энергияны берүүнү камсыздоо – жаңы инфраструктураларды түзүүгө карай жол”, Кетме-Дөбө АА, Токтогул району, Жалал-Абад облусу.

## Айыл өкмөттүн адистерин мамлекеттик сатып алуулар боюнча окутуунун жыйынтыктары чыгарылды

ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун пилоттук муниципалитеттеринин өкүлдөрү КР Каржы министрлигинин Окуу борборунун базасында “Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларды башкаруу” темасында окуудан өтүштү. Тренингге Ысык-Көл жана Жалал-Абад облусундагы айрым бир айылдык аймактарынын бухгалтерлери, каржы боюнча адистери, юристтери, айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча адистери катышты.

Беш күн бою катышуучулар мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруунун негиздери менен таанышып чыгышты. Катышуучулардын айтымында, тренингдин жүрүшүндө, алар материалдын мазмундуулугуна жана оор техникалык терминдерге байланыштуу аны өздөштүрүүдө бир аз кыйналышты. Отуз катышуучунун ичинен 13 адис гана сертификат алды:

- Садыкова Айсалкын – Б.Мамбетов айыл өкмөтү, Ысык-Көл облусу, финансылык-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси;
- Жаманкулова Зулайка – бейөкмөт уюм, аймактык координатор, Ысык-Көл облусу;
- Турдубаева Бактыгул – Октябрь айыл өкмөтү, Ысык-Көл облусу, алдыңкы адис;
- Жумеков Эрлан – Кара-Ой айыл өкмөтү, Ысык-Көл облусу, жер маселелери боюнча башкы адис;
- Кудайбердиев Эрмек – Ак-Дөбө айыл өкмөтү, Ысык-Көл облусу, юрист;

- Сралиева Шаршекан - Чоң-Таш айыл өкмөтү, Ысык-Көл облусу, башкы бухгалтер;
- Үчкемпирова Жаңыл – Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтү, Ысык-Көл облусу, бухгалтер;
- Акунова Зууракан – Тогуз-Торо айыл өкмөтү, Жалал-Абад облусу, экономист-статист;
- Рысбаева Назгүл – Торкент айыл өкмөтү, Жалал-Абад облусу, экономист-статист;
- Эргешов Кеңешбек – бейөкмөт уюм/аймактык координатор, Жалал-Абад облусу;
- Мавлянов Гайибжан – Балтагулов айыл өкмөтү, Жалал-Абад облусу, бухгалтер;
- Сансызбаева Кулпунай – Терек-Сай айыл өкмөтү, Жалал-Абад облусу, бухгалтер;
- Батиров Янгибай – Сузак айыл өкмөтү, Жалал-Абад облусу, бухгалтер.



## Жалал-Абад облусундагы төрт элеттик муниципалитет Швейцария элчилигинен трактор сатып алууга сертификаттарды алышты

2014-жылдын 8-июлунда Бишкекте Жалал-Абад облусунун Жаңы-Жол, Багыш, Акман жана Кара-Суу элеттик муниципалитеттеринин башчыларынын ар бирине 1 млн. сомго сертификат жана тракторлордун ачкычтарын расмий тапшыруу аземи өттү.



Мындай кубанычтуу окуянын катышуучулары менен “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун жетекчиси Бекболот Бекиев жана Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси Ренэ ХОЛЕНШТАЙН мырза жолугушту.

Элчи ХОЛЕНШТАЙН жеңүүчүлөрдү куттуктап, аларга мындан ары да өсүп-өнүгүүнү каалады: “Биз сиздерге жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга жардам берип жатканыбызга абдан кубанычтабыз. Биз сиздин муниципалитетиңизде жергиликтүү жамаатты көйгөйлөрдү аныктоого жана тартууга, чечим кабыл алууга тартуу үчүн заманбап механизмдер колдонулуп келатканын көрүп турабыз. Кыргызстандын муниципалитеттери башкарууда ачык-айкындуулук жана катышуу принциптерине таянып жатканына кубанычтабыз. Силер менен кошо аракеттериңердин жана жетишкендиктериңердин күбөсү болуп турабыз. Биз ортодогу достук мамилелерди бекемдөө жана өнүктүрүү үчүн болгон күчтү жумшайбыз”.

Төрт муниципалитеттин атынан ыраазычылык сөзүн Сузак районунун



Багыш айылдык аймагынын башчысы Рахман ШЕРГАЗИЕВ айтты. “Биздин айылдык аймак бүгүн ушул иш-чарага катышып жаткан аймактардын ичинен эң эле “эски” пилоту,- деди АӨ башчысы. – ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистер командасы менен иштешкен маалда биз көп нерсеге жетиштик. Биздин “Таштандысыз жашоо – тазалыктын булагы” долбоорубуз биздин жашоочулар тарабынан колдоого ээ болду. Анткени аймактын бардык жашоочулары айылдарда жаңы атайын техникасыз кыйналууда. Мунун баары жалпысынан калктын да ден соолугуна түздөн-түз таасирин тийгизет. Эми болсо ушул көкөйгө тийген көйгөйдү чечүү мүмкүнчүлүгүбүз бар”.

Элчинин колунан атайын техниканын ачкычын жана сертификаттарды төмөнкү долбоорлорду ишке ашыруу үчүн айылдык аймактардын башчылары алышты:

- “Сугат суу – бай түшүмдүн булагы” долбоору, Жаңы-Жол АА, Токтогул району, Жалал-Абад облусу, башчысы – Асылбеков Урмат
- “Таштандысыз жашоо – тазалыктын булагы” долбоору, Багыш АА, Сузак району, башчысы – Рахман ШЕРГАЗИЕВ
- “Тазалык айылдан башталат” долбоору, Акман АА, Базар-Коргон району, Жалал-Абад облусу, башчысы – Амирбек АТАКУЛОВ
- “Айылдын маданияты тазалыкта” долбоору, Кара-Суу АА, Аксы району, башчысы – Талантбек ЭМИЛБЕК уулу.

## Системасыз тренингдерге жол жок, жашасын квалификацияны системалык жогорулатуу!

### Моделдин жаңылыгы

Бир топ убакыттан бери Кыргызстанда муниципалдык кызматчыларды окутуу негизинен эл аралык донордук долбоорлордун күчү менен ишке ашырылып келген. Бул тренингдер башаламандуу мүнөзгө ээ болуп, процесстин өзү мамлекет тарабынан эч башкарылбай, муниципалитеттердин керектөөлөрү эске алынчу эмес. 20 жылдын ичинде миллиард сомдон көп донордук каражат сарпталган мындай окутуулардын натыйжалуулугуна эч ким баа берген эмес. Мында КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы гана өзгөчөлөнө алды. Бирок бул академия да жыл сайын 3 миңден ашуун муниципалдык кызматчыны окутуу керектөөсүн канааттандыра алган жок.

2013-2017-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өнүктүрүү Программасын кабыл алуу менен муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатууну системалаштыруу, тренингдерди ирээтке келтирүү зарылчылыгы пайда болду. Квалификацияны жогорулатуунун жаңы модели эски усулдардан төмөнкүлөрү менен айырмаланат:

- тапшырыкчы болуп Мамлекеттик кадр кызматынын атынан мамлекет чыгууда;
- окутууну сынак жолу менен тандалып алынган кыргызстандык билим берүү уюмдары өткөрөт (долбоордун кызматкерлери эмес);
- окутуу программасы донордук долбоорлордун артыкчылыктарына эмес, муниципалдык кызматчылардын иш жүзүндөгү керектөөлөрүнө негизделген;
- окутуу бюджеттин эсебинен каржыланат (азыркысында жарым-жартылай);
- окутуу облус борборлорунда окуу материалдарын өздөштүрүү үчүн жетиштүү боло турган мезгил аралыгында өткөрүлөт.

Жалпысынан квалификацияны жогорулатуунун жаңы модели КР Мамлекеттик кадр кызматынын 2013-2017-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өнүктүрүү Програмасына негизделген.





## Алгачкы практикалык мисал

2014-жылы моделди тестирлөө башталды. Адегенде 9 тема боюнча окуу модулдарын иштеп чыгууга пилоттук буйрутма жайгаштырылды. Алар: “Мамлекеттик сатып алуулар”, “Жергиликтүү экономикалык өнүгүү”, “Аймактын инвестициялык жагымдуулугу”. “Бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуу”, “Муниципалдык менчикти башкаруу”, “Компьютердик сабаттуулуктун негиздери”, “Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу”, “Айылдык аймактарды өнүктүрүүнүн стратегиялык пландоосу” жана “Муниципалдык кызматтын укуктук негиздери” “.

Окутууларга убактылуу жалданган тренерлердин ордуна улуттук жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын катышуусу моделдин жаңы маанилүү элементи болуп калды. 2014-жылдын 30-апрелинде мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу окутулган жогорку окуу жайларынын өкүлдөрүнө муниципалдык кызматчыларды окутууга мамлекеттик тапшырыкты жайгаштырууга жана ишке ашырууга карата жаңы ыкмаларды пилоттук тестирлөө тууралуу маалымат берилди. Бул иш-чара пилоттук окутууну өткөрүүгө тендерлер тууралуу жогорку окуу жайларына жана башка билим берүүчү уюмдарга кеңири маалымат берүү максатында уюштурулду.

Аткаруучу-жогорку окуу жайлар сынактын негизинде тандалып алынды. Бул жолу тендердин жеңүүчүлөрү жана буга ылайык окутууга тапшырыкты аткаруучу болуп Караколдогу К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети жана Жалал-Абаддагы Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин Окуу борбору менен консорциумда Бишкек финансы-экономикалык академиясынын окутуучулары табылды.

2014-жылдын июнь айында Каржы министрлигинин Окуу борборунда билим берүүчү уюмдар сунуштаган 15 окутуучу үчүн тренинг өттү.

2014-жылдын 16-июнунан 5-июлуна чейинки мезгил аралыгында жаңы моделди тестирлөөнүн катышуучулары болуп, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы айыл өкмөтүндө каржылык-экономикалык маселелер менен алектенген 57 муниципалдык кызматчы табылды. Алардын жашаган жерине жана жол акысына кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттерден төлөндү. Тапшырыкчы болуп Мамлекеттик кадр кызматы чыкты.

Катышуучулар 20-25 адамдан турган 4 окуу тобуна бөлүндү. Ал эми тогуз тема айыл өкмөттүн каржы-экономикалык бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин суроо-талабы боюнча тандалып алынды (алдын ала 400 адам арасында жүргүзүлгөн сурамжы-



лоонун натыйжалары боюнча): “Мамлекеттик сатып алуулар”, “Жергиликтүү экономикалык өнүгүү”, “Аймактын инвестициялык жагымдуулугу. Бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуу”, “Айылдык аймактарды өнүктүрүүнүн стратегиялык пландоосу”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштурууучулук-укуктук негиздери”, “Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу”, “Муниципалдык менчикти башкаруу”, “Компьютердик сабаттуулуктун негиздери” жана “Муниципалдык кызматтын укуктук негиздери”. Курстун узактыгы 18 окуу күнүн түздү (күнүнө 8 сааттан 21 календардык күн).

Муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуунун жаңы моделин Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору (мындан ары – Долбоор) түзүп чыккан. Моделди тестирлөөнүн негизги өнөктөшү жана расмий тапшырыкчысы – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы. Пилоттук курстардын катышуучуларына сертификаттарды Долбоордун, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматынын жана окууну ишке ашырган билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү тапшырат.

Эми ЭҮЖӨБОЖ долбоору окуудан өткөн муниципалдык кызматчылардын ишинин сапатына жана натыйжалуулугуна квалификацияны жогорулатуунун таасирин баалайт жана кеңири донордук, эксперттик жамаатка квалификацияны жогорулатуунун жаңы моделин тестирлөөнүн комплекстик натыйжаларын берет.

## Муниципалдык сайттар менен иш алып баруу боюнча көрсөтмө берүүчү семинар




2014-жылдын 30-майында Бишкекте Ысык-Көл облусунун Бостери айыл өкмөтүнүн жана Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо раймамадминистрациясынын адистери үчүн муниципалдык сайттар менен иш алып баруу боюнча көрсөтмө берүүчү семинар өттү.

Семинардын баяндамачысы, Weltkind's Web Works Веб-студиясынын дизайнери Антон СЕЛОВ катышуучуларды сайттар менен иштешүүнүн негиздерине үйрөттү. Аны менен катар жалпысынан администрациялоо, жаңылыктарды жазуу, сүрөттөрдү редакциялоо жана документтерди жаңыртып, сайтка тиркеме катары жайгаштыруу процессин көрсөттү.

Семинардын катышуучусу, Тогуз-Торо РМА алдыңкы адиси Наргиза НУРГАЗИЕВАнын айтымында, бул семинар жөнөкөй жана жеткиликтүү тилде өткөндүктөн, анда мисалдар келтирилгендиктен пайдалуу болду: “Менде сайттар менен иштөө тажрыйбам жок болчу, администрациялоону такыр эле билчү эмесмин. Бирок эми көптү үйрөндүм жана биздин сайтыбыз менен иштөө боюнча мага жүктөлгөн ишти сапаттуу аткара алам деп ойлойм”.

Семинардын теориялык жана практикалык бөлүктөрү жыйынтыкталгандан кийин катышуучуларга жаңылыктарды жазуу жана жайгаштыруу, сүрөт баянды киргизүү жолу менен алган билимдерин жана көндүмдөрүн текшерүү сунушталды. Бул максатта ар бир катышуучуга ноутбук берилип, анын жардамы менен ушул тапшырманы аткара алышты.

“Мен жаңы нерселерди гана үйрөнбөстөн, практикалык иштин жүрүшүндө биздин сайтыбызга жайгаштырылган айрым материалдарды редакциялаганга да жетиштим, - деп айтып берди Ысык-Көл облусунун Бостери АА сайтынын администратору Адилет СУЛАЙМАНОВ. – Мага көп нерсе түшүнүктүү болду жана сайттар менен иштешүүдө жумушумду улантам жана аны өркүндөтөм”.

